**Өзбекстан Республикасы Жогорку жана орто атайын билим берүү министрлиги**

Андижан мамлекеттик университети

«Филология» кафедрасы

**Кыргыз балдар адабияты**
предметинен (лекция тексттери)

Андижан

«Кыргыз балдар адабияты» предметинен лекциянын тексттери Захириддин Мухаммад Бобур атындагы Андижан мамлекеттик университетинин «Филология» кафедрасынын 2010-жылдын 28-августундагы жыйналышында талкууланып,басууга сунушталган.

Түзүүчү: «Филология»
кафедрасынын улук мугалими
Г.Бечелова.

Рецензенттер: АДУ улук мугалими М.Темирова
Андижан облусу, Жалакудук ЭБББнө
караштуу 12-мектебинин мугалими
Г.Касымова.

## Кыргыз балдар адабияты жөнүндө жалпы маалымат (2 саат)

Негизги маселелер:

1.Балдар адабияты жөнүндө жалпы маалымат.
2.Балдар адабияты жана анын классификациясы.
3. Кыргыз балдар фольклору, анын жанрдык түрлөрү.

Балдар адабияты- жалпы көркөм адабияттын өрүштүү бир бөлүгү катары аны менен методологиялык негизи бир. Жаралуу, жетилүү, өркүндөө таржымалы боюнча да тагдырлаш. Учур талабы, турмуш агымы менен жылоолош болуп, коомдук мамилелерди, табигый кубулуштарды, обьективдүү чындыкты, типтүү көрүнүштөрдү реалдуу чагылта турган көркөм изденүүлөрү жана чыгармачыл башкы багыттары жагынан да эриш-аркак. Жалпы адабиятта чоң кишилердин, балдар адабиятында негизинен балдардын турмушу иликтөөгө алынса да, экөөнүн тең предмети-адам. Ошондуктан экөө тең бүтүндөй коомдук мамилелердин жыйындысын көркөм элестетет.

Ошентсе да, балдар адабиятынын өзүнө гана мүнөздүү бөтөнчүлүктөрү бар. Алар баарыдан мурда окурмандардын жаш өзгөчөлүгүнөн, билим, тарбия берүү талабынан келип чыгат. Демек, балдар адабияты жаш муундарга үзүрлүү тарбия берүү максаты боюнча педагогика менен психологияга да тутумдаш.

Балдар курагына карай бөбөктөр (мектеп жашына чейинкилер), жеткинчектер (мектеп жашындагы кенже балдар), тестиерлер жана өспүрүмдөр (жогорку класстын окуучулары) болуп айырмалангандыктан, көркөм чыгармалар да алардын ар биринин эстетикалык татымына ылайык жаралат.

В.Г. Белинский (1811-1848) балдарга жаңы реалисттик адабияттын жаралышы үчүн чечкиндүү күрөшүп, аларга арналган китептерде турмуштун нагыз чындыгы чагылтылышы, бардык карама-каршылыктар, социалдык кагылышуулар жымсалданбай сүрөттөлүшү келечек муундун дүйнөгө көз карашына реалдуу кыртыш түзүп, замандын талабына төп адамдын тарбияланарын эскерткен. Ошондуктан ал: « Чындыкты жалган жеринен айыңдап, өз атыңардан кооздоп бурмалабагыла, аны (чындыкты) бардык сонундугу, бардык кыйынчылыгы менен кандай болсо да так өзүндөгүсүндөй ачык көрсөткүлө, балдар андан көңүлү калбай, ар кандай тоскоолдукка каршы күрөшкө көнүгүп, чындыктан өзүнө таяныч таап алгыдай болсун. Турмуштун жыргалдыгы да жалгыз гана чындыкта »,- деп кеңеш берет.

Балдар адабиятындагы реализмдин негизги принциптери элдин жана илимий педагогиканын таламдары менен тыгыз байланышта болгондуктан балдарга арналган чыгармаларга эстетикалык гана эмес, педагогикалык да талаптар коюлат. Анткени «Балдар китептери тарбия үчүн жазылат, ал эми тарбия – улуу иш, аны менен адамдардын тагдыры чечилет» (Белинский). Жаш муундар келечек ээси болгондуктан, аларга туура берүү- балдар адабиятынын ыйык милдети. Ал аркылуу улуттук баалуу мурастар, көркөм дөөлөттөр балдардын чыныгы инсан болуп калыптануусунда атуулдук сезимин козгогудай, рухий жан дүйнөсүн өстүргүдөй пайдаланылат.

Балдар адабияты педагогика менен көркөм чыгармачылыктын ширөөсүнөн бүткөндүктөн анын авторлору балдардын жан –дүйнөсүн терең сезе билген, сезимтал, сергек, кыялкеч жазуучу болуусу керек. Тубаса таланттан турган жазуучуну В.Г.Белинский «баланын майрамы» деп атаган.

Балдар адабиятынын теориясын Н. Г. Чернышевский (1828-1889) өз кезегинде андан нары улантты. Ал балдарга арналган таланттуу чыгармаларды- билим алуудагы көркөм ынанымдуу курал, мыкты тарбиячы жана турмуштун окуу китеби катары караган. Анан ал жеткинчектердин психологиясын жакшы билбегендерге кайрылып: «Балдардын

ой жоруусу тайкы, акыл-эси да жетик эмес деп ойлойбуз. О, бул такыр туура эмес. Болгону алар тажрыйбасыз гана. Балдар учкул кыял, сезимтал жана акылы да жетик келишет, буларга ишене бергиле»-деген. Ошону менен бирге балдарга өтө көп нерселер тууралында оңой гана түшүндүрүп коюуга жана алар менен жөпжөнөкөй тилде эркин эле сүйлөшүүгө болорун катуу эскерткен.

Башка адабияттай эле балдар адабиятынан искусствонун сынамына негизделген нагыз поэтикалык тил жана көркөм образдуулук талап кылынат. Балдарга арналган чыгармалар да орчундуу маселелерди көтөрүп, тематикасы боюнча кандайдыр чектелүүгө учурабай, турмуштун бардык тарабын чагылдырган доордун жандуу кыймылы менен канатташ болууга тийиш.

Балдар адабиятынын теориясы менен сынына Н.А. Добролюбовдун (1836-1861) кошкон салымы да зор. Сынчынын талабы боюнча балдар адабияты баарыдан мурун «балдардын өзүнүн нукура турмушун чагылтып сүрөттөйт, ошондуктан жазуучу алардын психологиясын жеткиликтүү билүүгө тийиш». Ошондой эле «балдарга арналган китептердин тарбиялык милдети баланын өз алдынчалыгын жана анын турпатындагы болгон бардык руханий күчүн толук жана туура ачуу болуп эсептелет… Алардын барактарында жадатма насааттар, сандырак куру кыялдар, тантырак чечeнсинүүлөр болбостон, дүйнө, турмуш жана адам жөнүндөгү оң кабарлар берилиш керек». Балдар адабияты жаш муундарды «ички рухий тазалыгын сактай алгыдай жана аксымдык, карөзгөйлүк, алдамчы-калпычылык өңдүү ар кыл ыплас көрүнүштөргө каршы күрөштө өзүнүн акыйкаттыгын коргой билгидей кылып»тарбиялайт.

Балдар адабияты жөнүндө А.И. Герцен, Л.Н.Толстой, К.Д.Ушинский өңдүү белгилүү жазуучулар, педагогдордун айткандары өтө маанилүү. Улуу педагог К.Д. Ушинский балдар адабиятынын айрыкча тилине, стилине маани берип, тил аркылуу гана балдар элдин рухани дүйнөсү менен жеткилең тааныша турганын баса көрсөткөн: «Элдин тили- анын рухани турмушундагы эч качан соолбой, түбөлүккө кайрадан жаңырып, жайнап ачылып туруучу эң татынакай кооз гүлү… Тилде бүтүндөй элдин жана анын ата журтунун жылдызы жанат. Тил элдин жашап өткөн, жашап жаткан жана жашай берүүчү келечек муундарын тарыхый жандуу бир улуу бүтүндүккө бириктирип тура турган өтө жүйрүк, өтө бай жана өтө бекем байланыш болуп эсептелет. Качан элдик тил жоголгон кезде- андан нары эл да жок». Балдар адабиятынын тарбиялык мааниси жаш муундарды кичинекейинен өз эне тилинин көркөм ширесин таттырып отуруп, улуттук рухани дүйнөнү өлбөс-өчпөс кылып туртуулай ала турганында.

Балдар адабиятына тийиштүү өзгөчөлүктөрдүн бири- чыгарманын сюжетинин дайым динамикалуу абалда болушу. А. Макеренко бул жөнүндө «балдар кыймылды, аракетти жакшы көрүшө тургандыктан, окуя, жагдай улам алмашып, орун которулуп турушуна ушунчалык кызыгышат»- деп туура баамдаган. Балдарга арналган чыгармада чынында баяндоонун жөнөкөйлүгү, окуянын ийкемдүү өнүгүшү, көркөм образдардын жандуулугу, максаттуу аракети, жаркын менен күүгүмдү таасын ажыратуу жана бекем логикалык ырааттуулук талап кылынат. Ошондуктан бул улуу педагог-жазуучу чоңдордун адабиятында болуучу тематика, идея, мазмун балдар адабиятында да болорун, «аларды бири-биринен айырмалап турган өзгөчөлүктөр эмне айтылып жатканында эмес, кандай айтылып жатканында» жана «балдар адабиятынын ыйык милдети, максаты да адамды тарбиялоо болуп эсептелет»

Балдар адабиятына мүнөздүү белгилердин бири- юмордун кеңири берилиши. Юморсуз балдар үчүн жазылган чыгармалардын кызыгы жок. К. Чуковский айткандай, балдар үчүн «күлүп алуу-чоң зарылдык». Анткени турмушту таанып-билүү жолдорунун бири-күлкү болгондуктан, ал жол жабылып калган болсо, анда ойдун өзү да толук өнүкпөй калат. Мунун өзү, албетте, балдардын көз карашынын калыптанышына, аналитикалык ой чаргытышына кедерги болот.

Балдар адабиятындагы мүнөздүү белгилердин дагы бири- оптимизмдин өтө күчтүүлүгү. Ал балдардын рухани дүйнөсүн, тунук аңдоо сезимин, туюнуусун эргитип,

илгери үмүт-тилектерди, бийик идеалдарды поэтизациялоого алып келет. Мындан балдар кандай кыйын, алаамат кезеңде болсо да, акыры келип жамандыкты жакшылык жеңип чыгар чындыктын негизин көрө алышат. Балдар адабияты баланын ар кыл кызыгуусун эске алып, анын назарына илимий ачылыштарды, техниканын абдан татаал кубулуштарын сунуш кыла алат. Балдар адабиятында илимий-фантастикалык чыгармалардын болушу да ушундан.

Балдар адабиятынын элдүүлүгү фольклордон келе жаткан салт. Ал жазма түрүндө көрүнгөндөн бери, б.а. профессионалдык нукка түшүп, калыптана баштагандан бери ошол салттан айныбай, не бир көркөм бай материалдарды мына ошол оозеки чыгармачылыктын тунук булагынан алып, аны кайра элдин энчисине айландырууда.

Кыргыз балдар адабияты жалпысынан оозеки чыгармачылык, акындык чыгармачылык жана жазма профессионалдык чыгармачылык болуп үч бөлүктөн турат.

Кыргыз балдар фольклору жалпы элдик оозеки чыгармачылыктын бир бөлүгү болсо да, өзүнө таандык көркөм-поэтикалык өрүшүнө ээ. Кыргыз балдар фольклору жанрдык теги, анын ички тармактанган түрлөрү аздыр-көптүр факты-материалдарга, элдик аныктамаларга, өнүккөн адабий тажрыйбаларга негизделип отуруп, төмөнкүчө классификацияланган:

**Ыр**: 1. Бешик ырлары. 2Дүйнө таануу жөнүндөгү ырлар. 3. Беймарал маанайдагы ырлар. 4. Эмгек ырлары. 5. Насаат ырлары. 6. Тиричилик ырлары. 7. Тарыхый ырлар.

**Жамак** (кенже жанр): 1. Жаңылмач 2. Табышмак. 3. Апыртма (калп). 4. Макал. 5. Ылакап.

**Жомок:** 1.Уламыш. 2. Болумуш. 3. Тамсил. 4. Жөө жомок. 5. Дастан (эпос).

Булардын айрымдары ич ара тармактанып кетет.

Маселен, **Бешик ырлары**: а) Алдей; б) Салбилек; в) Тайбөбөк (тушоо кесүү).

**Дүйнө таануу жөнүндөгү ырлар**: а) өсүмдүктөр жөнүндө; б) макулуктар жөнүндө; в) айбанаттар жөнүндө; г) мезгил-маал; д) жөрөлгө.

**Беймарал маанайдагы ырлар**: а) теребел; б) саякаттама (санак); в) оюн; г) эликтөө.

**Жөө жомок:** а) кереметтүү; б) айбанаттар жөнүндө; в) тиричилик жөнүндө.

**Дастан (эпос)**: а) улуу (эпопея); б) кенже.

Ал эми **кенже дастан** өз ичинен шарттуу түрдө: а) баатырдык; б) турмуштук; в) тарыхый болуп бөлүнөт.

Кыргыз фольклористикасында кара сөз менен баяндалган элдик чыгармалардын бардыгы эле жомок (же жөө жомок) делинет. Чынында алардын айрымдары жомокко караганда, көркөм баяндамага жуукташат. Ошондуктан андайлар-**элдик** (фольклордук)**аңгеме** же **баян** делинип, акыры өз ордун алууга тийиш. Албетте, ар бир жанрдын уруусун ажыратууда эске ала турган мүнөздүү белгилер бар. Алар негизинен сюжеттик- тематикалык мазмун кимге багытталганынан, композициялык сүрөттөмөлөр кимди кызыктырарынан, көркөм элестер кимге арналганынан, чыгарма баяндалыш ыкмасы боюнча кимди көздөп жатканынан көрүнөт.

**Таяныч түшүнүктөр:**

балдар адабияты;

балдар адабиятынын өзүнчөлүк касиеттери;

кыргыз балдар адабиятынын классификациясы;

кыргыз балдар фольклорунун классификацияланышы ж.б.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

Балдар адабиятынын пайда болушу жөнүндө маалымат бер.

Балдар адабиятынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтылган пикирлерди баса белгилеген окумуштууларды айтып, алардын ой-пикирлеринен келтир.

Кыргыз балдар адабиятынын өкүлдөрү аны кандай классификациялашат?

Кыргыз балдар фольклорунун классификацияланышы жөнүндө айт.

**Адабияттар:**

1.М.Түлөгабылов «Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы»Бишкек «Мектеп»1991 ж.
2.Кыргыз адабиятынын тарыхы Бишкек 2002 ж. Коллектив.

## Тоголок Молдо (2 саат)

### Негизги маселелер:

1.Акындар чыгармачылыгында балдар арналган чыгармалар
2. Тоголок Молдонун балдар адабиятына кошкон салымы.

Кыргыз адабият тарыхынын оозеки элдик адабияттан кийинки экинчи чоң бөлүгү- акындар чыгармачылыгы. Мында чыгармалар ыр формасында болгондуктан кээде акындар поэзиясы деп да айтылат. Акындар поэзиясында балдарга арналган ырлардын көлөмү кең. (Акындардын ырларынан мисалдар келтирилип өтүлөт)

Тоголок Молдонун балдар адабиятына кошкон салымы эбегейсиз. Анын кичинекейлер адабиятындагы чоң чебердиги-балдарды дароо кызыктырып алган учкул канаттуу көркөм жандуу чыгармаларында. Балдарга арнап жараткан ыр, поэма, адабий жомок, тамсил, сатиралары акындар поэзиясында балдар адабиятын ар кыл жанрларда көрсөттү.

Тоголок Молдонун балдарга арналган ырлары элдик оозеки чыгармачылык менен жеке акындык чыгармачылыктын жуурулушунан жаралган. Оозеки чыгармачылыктагы «/ркөр-үркөр топ жылдыз», «Жүгүрүп-жүгүрүп жүн таптым», «Каак-каак каргалар», «Турумтай», «Торпогум» сыяктуу чыгармалар Тоголок Молдодо дагы учурайт. Буга караганда (акын дайыма чыгармаларын кагазга түшүрүп жайылтып келгендиктен) анын балдарга арнап жараткан ырлары да эл арасында абдан эле кеңири таркап, натыйжада фольклордук чыгармалардын тобуна кошулуп кеткендей. Ошондуктан элдики делинген ырлар менен Тоголок Молдонун ырлары бири экинчисинде жолугуп көркөм идеялык-тематикалык мазмундары боюнча жалгашып, ширелишип турат.

Маселен, элге кеңири белгилүү болгон алты ыр саптан турган «/ркөр-үркөр топ жылдыз» аттуу оозеки элдик чыгармада окуучу /ркөрдүн жоо желимдеги аштык айдап, жибек созгон уул-кызына бараткандыгын маалымдоо менен бүтөт. Тоголок Молдонун чыгармасында ал элдик алты ыр сап толук өзүнүн көркөм поэтикалык формасында сакталуу менен бирге, ага дагы он ыр сап кошулуп, балдарга калтырар тарбиялык жугуму кыйла тереңдеген. Тактап айтканда /ркөрдүн жоо желимдеги аштык айдаган, жибек созгон уул-кызына бараткандагы аракет, максаты көрсө бул экен:

Аштык алып уулумдан,
Азык-түлүк камдайын.
Ачкан кардым тойгон соң
Анан айды жандаймын!
Жибек алып кызымдан,
Кийим-кечек камдаймын.
Кийим-кечек кийген соң,
Анан айды жандаймын!

Мында акындын балдарга дүйнө таанытуусу, кантсе да материалисттик. /стүңдө үй, жонуңда кийим, астыңда аш болсо гана андан соң ыр чыгат. Тоголок Молдонун ырлары балдарга аалам, жылдыз, планеталар жөнүндөгү романтикалык ой, кыялын эргитип, көркөм элес калтырат. «Дагы сонун кебим бар, кебимди угар эбиң бар»- дейт акын балдарга. Анан аларга чоң турмуштун эмгек түйшүгүн, анын үзүрүн көрсөтөт ( «Жүгүрүп-жүгүрүп жүн таптым»), өзүлөрүнүн курчаган айлана-чөйрөсүн бир баштан кабарлайт ( «Балдар ыры»), адилеттиктин жеңишин билдирет («Турумтай»)

Тоголок Молдонун балдарга арналган ырларынын ичинен эл арасына кеңири тараганы- «Торпогум». Мунун фольклордо бир канча түрү бар. Келки-келки турушуна караганда алар акындын поэмага арзырлык бул чыгармасынын элге тарап кеткен

үзүндүлөрү, айрым композициялык бөлүктөрү сыяктуу. Анткени, аларды мазмунуна карай өз-өз ордуна кое келгенде Тоголок Молдонун поэмасынын эле экспозициясы болуп жатат.

«Торпогумда»чыйралуусунан жанбаган динамикалуу сюжет, даана элестетилген жандуу образ, санаа санга бөлүнгөн психологизм жана социалдык дагдайда чагылтылган конкреттүү турмуш чындыгы бар. Кичинекейлердин ллзхунан түшпөй айтылып жүргөн чыгарманын көркөм насылы ушунусунда. Мындайча айтканда бурма сууга барганда булкулдаган, ийри сууга барганда жулкулдаган, күндө үч убак мингенде чаалыкпаган жорго торпок да, аны асемдеп жабуулап, жакшылап жараштырып баккан ээси (бала) да дароо назарды буруп алат. Ай төбөдөн тоголгон түнү ошол жорго торпоктун жоголушу кимди болсун кайдыгер калтырбайт. «Манаттан баштык тиктирип, жем илейин дечү элем, Мамыркандын ашына, бир минейин дечү элем»-деген баланын (ээсинин) минтип торпогун жоготуп ийиши ичти ачыштырат. «Торпогум өзү ток эле, токтобогон шок эле, торпогумду ким ким алса, союп албай, тирүү алды»- деген балага кошулуп, ой-санаа тартат башкалар дагы. Бөбөктөрдүн купулуна толуп, жарпын жазган бул ырдын жана бир алымдуулугу жумшак күлкү менен коштолуп, жакшы аякташында.

Ал ангыча болбоду,
Адырдан келди торпогу.
Жайытынан издебей,
Жаш баланын корккону.

«Торпогун таап сүйүнгөн, эликтей чуркап түйүлгөн»ээсинен бетер, биерде бөбөктөрдүн да көңүлү тынчыйт. Анткени, баланын кендирин кедейлик кесип, мындан башка малы жок эле.

Тоголок Молдо «Каркыра менен Түлкү», «Бөрү менен Түлкү», «Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы», «Эшек менен булбул», «Иттин доолдай тиктирем дегени» сыяктуу чыгармалары менен балдар адабиятында тамсил жанрын негиздеген. Буларда акын элдик оозеки чыгармачылыктын бай мурастарын пайдаланган.

Маселен, акындын «Каркыра менен Түлкү»деген тамсили «Каркыра менен Түлкүнүн достугу» деген элдик чыгарманын негизинде жазылган. Тоголок Молдо элдик чыгарманын митайым-кууларга, анткор-шылуундарга каршы идеялык багытын кыйла курчутуп, сюжеттик окуялардын көркөм образдуу сүрөттөлүшүнө ачык түстүү боекторду берип отуруп жаңы көркөм ыкмада тамсилдин жакшынакай үлгүсүн жараткан. Ал минтип башталат:

Абал баар жаз болуп,
Көлгө батпай каз толуп,
Келгин келген кезинде
Тозго батпай куш толуп,
Жер айрылып, гүл ачып,
Булбул сайрап, үн ачып…
Жазгы көктөм мезгилде
Бир Каркыра бир Түлкү
Коңшу болду достошуп.

Теребел, мезгил жазгы көктөм, жан-жаныбарлар жөнүндөгү баланын дүйнө таануусуна эстетикалык элес калтыра турган жана окуянын андан ары өнүгүп кетишине шарт түзүп турган мындай композициялык сүрөттөмө элдик чыгарманын башталышынан жолукпайт.

Кейипкерлердин мүнөздүү белгилери да Тоголок Молдонун тамсилинде даана кабарланат.

Каркырада шумдук жок,
Түлкүнүн көп бузугу…
Каркырада уя бар,
Түлкүдө казган ийин бар.
Бет келишкен жеринде
Бекиткен сөздүн түйүнү бар.

Элдик чыгармада мындай лирикалык чегинүү да жок. Биерде бөбөктөр акындын чыгармасы аркылуу Каркырада уя, Түлкүдө ийин болорун билишет жана алардын кандай типтеги жаныбарлардан экендигин түшүнүшөт.

Окуянын андан ары өнүгүшүндө чындыгында эле Түлкүнүн куйтулугу бир баштан билине баштайт. Түлкүнүн Каркырага калпты какшатып, кууланганы мындай:

Бирибиз тышка чыкканда,
Бирибиз үйгө турбай,-деп.
Этиет болуп сактанып
Эптеп оокат кылбай,-деп,
Сен кеткенде, мен кетип,
Экөөбүз үйдөн тең кетип,
Санап көрдүм биле албайм,
Тогузунан кими жок.
Кандай бетсиз алды экен
Узун моюндун бири жок.

Түлкүнүн бул сөзүнөн жеткен кытмырлыкты, жеткен анткорлукту, жеткен жойпулукту билип алышат бөбөктөр. Анткени, өзүнүн төрт баласын, Каркыранын беш баласын «бирдей көргөнсүп

Жанын сабаганы менен, ишти ичтен бүтүрүп жатпайбы. Каркыранын бир баласын ал өзү жеп алган.

Адам турмушунда болучу реалдуу чындык каймана түрдө алынган кейипкерлер менен ачылып жатат. Ошондуктан бөбөктөр Каркыранын образынан оюнда арамдыгы жок, ак көңүлдөрдүн кулк-мүнөзүн билишсе, Түлкүнүн образынан башкалардын эсебинен жашаган жегичтер жөнүндө түшүнүк алышат.

Балдарды турмушка аллегориялык образдар аркылуу кыябын таба кабардар кылып, коркунучтуу терс көрүнүштөрдөн сак жана кыраакы болууга тарбиялайт. Тоголок Молддонун өзү да тамсилин минтип жыйынтыктайт:

Түлкү сөздө турбады,
Залимдин бири бу дагы.
Кайда болсо залимден,
Залал көрөт ынагы.

«Бөрү менен түлкү»аттуу чыгармасында Тоголок Молдо кырдаалы келе калган жерде башкаларды гана эмес, бири-бирин да сызга отургузуп кете берген шумдардын бетин ашкерелейт. Акындын бул тамсилинин мааниси адилеттүүлүктү көздөгөндүктөн, убал-сообуна карабаган карышкырдын өзү натыйжада башын жутканы, кантсе да зулумдарга каршы сокку болуп жатат:

Бөрү өлдү тырайып,
Эки буту сырайып
Бөрү өңдөнгөн залимге-
Аныk бул иш ылайык.

Ал эми «Иттин доолдай тиктирем дегени» аттуу тамсилинде Тоголок Молдо балдарды сөздөн ишке чакырат. Ошондой эле акын жалкоолорго, бекерликке берилгендерге жана күнүмдүгүнө карап эртеңкисин ойлобогондорго идти мисал келтирет:

Чепкени чыгып эсинен,
Керилип жатып алыптыр.
Жалкоонун жайы ушундай,
Жайкалып уйку салыптыр.

Бул тамсил чоң-кичине дебестен эртеңкини бүгүн ойлоо керектигин эскерте турган көркөм баалуу чыгарма.

Жогоруда Тоголок Молдонун тамсилдеринин сюжеттик мазмуну чыгарган жыйынтыкка көңүл бөлүндү. Тамсил жанрын өнүктүрүүдө Тоголок Молдого алдыңкы профессионал орус адабиятынын тийгизген көркөмдүк таалими болду. Маселен, казак агартуучусу Абай Кунанбаевдин котормолору аркылуу Тоголок Молдо И.А.Крыловдун тамсили менен аты уйкаш өзүнүн «Эшек менен булбул» чыгармасын жазган эле. Ошондуктан сюжеттик мотивдин окшоштугу байкалат жана эң негизгиси Тоголок Молдонун тамсили өзүнүн көркөм тематикасы, идеялык мааниси боюнча И.А.Крыловдун тамсилиндей жазма-профессионалдык адабияттын үлгүсү болуп калды. Тоголок Молдо бул тамсилинде адилетсиз, кара күчтөрдүн доорону сүрүп жаткан учурдагы Эшек өңдүү дөдөйлөр Булбулдай таңшыган не бир ак таңдай акындарды теңсинбей, а турсун, басынтып, кордоп келгенин катуу мыскылдап ашкерелейт, ошону менен бирге талантты ириде эл бааларын, эл таанырын бийик жардайт.

- Ээ, макоо, булбул эшек эмес,

Эшектей кесел эмес.
Сенин бул айтканың,
Бизге эсеп эмес!-
деп көпчүлүк наалат айтып калды,
Эшектии айдап жолго салды.

Мындай эркин муун өлчөмдөгү ыр саптары кыргыз поэзиясына биринчи жолу чынында Тоголок Молдонун орус адабиятынан таалим-таасирленүүсүнөн улам келген. Профессионалдуу улуттук адабиятыбызда тамсил жанрынын адеп өнүгүш башаты, демек түздөн-түз Тоголок Молдонун чыгармачылыгына тиешелүү.

Т.Молдо казак адабияты, орус адабияты (казакча котормосу) аркылуу көркөм ойлоонун, сөз өнөрдүн өздөштүрүлгөн үлгүсүн көргөн жана көркөм чыгармачылык ар кыл жанрлары, формалары менен жетик тааныш болгон. Акындын чыгармаларынын түркүн түрдүү жанрларда жаралган жана алардын поэтикалык ажары кантсе да жазма адабияттагыдай кулпунуп турган негизи мына ушул өз ара улуттук маданий байланыштарда.

Т.Молдо адабий жомокторду жаратуу боюнча да балдар адабиятынын башатында турат. Анын «Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы» жомогу аты уйкаш элдик жомок менен, ал мэи «Абышка, кемпирдин көмөчү» орус элинин «Колобок» («Көмөч») жомогу менен мотивдеш.

Т.Молдо өткөн замандагы коомдук мамилени катуу сынга алып, төбөлдөрдүн кийинки муундарын «Телибай тентек», «Кемчентой», «Жанбакты» сатираларында такмаза шылдың, күйдүргү күлкү менен ашкерелейт. Ошентип бул чыгармалар кыргыз балдар адабиятындагы классикалык сатиралар болуп калды.

«Жер жана анын балдары», «Куштардын аңгемеси», «Ала-Тоо» аттуу чыгармалары менен Тоголок Молдо поэма жанрынын да башатында турат. Булардын ар биринин балдарга дүйнө таанытар тарбиялык мааниси эбегейсиз.

Ата журтту сүйө билүүгө, аны ар дайым коргоп туруу сезимин балдарга сиңдирип турууда «Ала-Тоо» деген поэмасы өзүнүн көркөм бийиктигине жеткен.

Балдарды канаттууларр дүйнөсү менен кызыктуу тааныштырып, чоң турмуш туурасында метафоралык түшүнүк калтыруу боюнча «Куштардын аңгемеси» көркөм баалуу.

Ал эми « Жер жана анын балдары» поэмасынын сюжеттик мазмуну табийгат кубулуштарынын реалдуу чындыгын баяндайт. Окуялардын динамикалуу өнүгүшүндө күч алган кызыктуу талаш-тартыш поэманын кейипкерлери Жер, анын балдары: жамгыр, суу, шамал, оттун өз ара мамилелеринде абдан жанданып курчуйт.

Тоголок Молдо эң алгачкылардан болуп Жердин образын кыргыз адабиятына алып келген. Акын бул метафоралык образы аркылуу ыйман сабагын берет. Маселен, Жер балдарынын адамга берер керемет пайдаларын беттерине кармашып, биринин сөзүн экинчиси укпай жатышканда булардын чатагына өз убагында кийлигишип, жөнгө салат. Анан Жер өзүнүн балдарына мындай дейт:

-Балдар, сөзүм угуңар,
Кулак салып туруңар.
Ырас жери мактанбай,
Бир ынтымак кылыңар.

Жанталашып урушпай,
Ынтымак болсун тобуңар.
Ынтымактуу болсоңор,
Ошондо болот жолуңар.

Адамзатка тынчтыктын, достуктун бузулбас тирегин ынтымак гана аркылуу көздөгөн Тоголок Молдонун агартуучулук нускоочулугу ушунусунда.

Жыйынтыктап айтканда, Тоголок Молдо-жаратылышында кадик педагог катары балдардын жан-дүйнөсүн жетик түшүнүп билген акын. Анын чыгармалары кайсыл курактагы балдарга дебейлик, турмуш сабагын, ыйман сабагын берип отуруп, көркөм жандуу элестер аркылуу аларды жамандан оолактатат да , жакшылыкка, боорукердикке, гумандуулукка, адамгерчиликтин татына сапаттарына тарбиялайт. Балдардын көңүлүн сергитип, наристе таза жүрөгүнө жылуулук сезим жагып, жумшак күлкү келтирип турган,

же куйкум, күйдүргү шылдың туудуруп жаткан чыгармалары менен Тоголок Молдо дегеле кыргыз адабиятынын тарыхында сатира жанрына негиз салды. Акындын көркөм чебердикте иштеп чыккан толук кандуу, типтүү образдары (Телибай тентек, Кемчонтой, Жанбакты) өздөрүнүн көркөм таасирдүүлүгүн жогортпой келүүдө.

Тоголок Молдо кыргыз балдар адабиятынын тарыхынан ардактуу ордун ээлеп турган залкар акын.

**Таяныч түшүнүктөр:**

Тоголок Молодо жөнүндө,
Тоголок Молдонун ырлары,
Тоголок Молдонун тамсилдери,
Тоголок молдонун жомоктору,
Тоголок Молдонун поэмалары,
Тоголок Молдонун сатиралары.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Тоголок Молдонун балдарга арналган ырлары элдик оозеки чыгармачылык менен кандайча байланышат?
2. Тоголок Молдонун тамсилдеринин жаралышында кандай адабий байланыш зор түрткү болгон?
3. Тоголок Молдо адабий жомокторду жаратууда негизги каармандар катары кимдерди тандайт?
4. Тоголок Молдонун поэмаларынын өзгөчөлүгү кандай?
5. Тоголок Молдо өз сатираларындагы сюжеттик өзөккө кимдерди негизги каармандар катары тартат?

**Адабияттар:**

1. М. Түлөгабылов «Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы» Бишкек «Мектеп» басмасы 1991
2. Тоголок Молдонун чыгармаларынын томдугу.
3. Элдик акындар жана тарбия. Окуу-методикалык курал А.Т.Калдыбаева , Б.К. /күева. Бишкек-1995
4. «Бийик жердин балдары» К. Ташбаев. Ош шаары-1999 ж.
5. «Ч.Айтматов жана этнопедагогика» А. Муратов. Бишкек-2000ж

**Кыргыз балдар адабиятынын калыптануу этаптары (2 саат)**

Негизги маселелер:

1. 20-30- жылдардагы балдар адабияты.
2. Балдарга арналган прозалык чыгармалар.
3. Балдар поэзиясы.
4. Балдарга ылайыкташтырылган драмалык чыгармалар

**20-30-жылдардагы балдар адабияты.**

Кыргыз балдар адабиятынын пайдубалынын түптөнүшү 1924-жылдан башталат. Анткени, ошол доордогу улуттук саясаттын аркасында бул жылы кыргыз эли эрктүү автономиялуу область болгон соң гана тарыхта биринчи жолу улуттук басмасы, басма сөздөрү мыйзамдаштырылып, аларга арналган көркөм адабий чыгармалар жарыкка чыга баштаган эле. Балдар үчүн жазылган ал төл башы чыгармалар агартуу ишиндеги биринчи китептерде, маселен: 1924- жылы К. Тыныстановдун «Окуу китеби», И.Арабай уулунун «Кыргыз алиппеси»(1926-жылкы мунун экинчи басылышы), кийинки автордун 1925-жылы «Саамалык», 1928-жылы И.Арабаев, К. Карасаевдин «Жаңылык» аттуу окуу китептеринде;1930-жылы М.Элебаев ж.б түзүшкөн «Окуу үчүн китеп», С.Наматов түзгөн

«Биздин мектеп», 1931-жылы К.Жантөшев түзгөн «Колхоз мектеби»аттуу хрестоматияларда; «Эркин-Тоо», «Ленинчил жаш», «Кыргызстан пионери»газетасынын, «Жаңы маданият жолунда»журналдын беттеринезгүлтүксүз басылып келген. Анан ошол тунгуч чыгармаларда жана өз алдынча чыккан биринчи китептерде балдардын жаш өзгөчөлүктөрү эске алынып, жанрдык ар кыл түрлөрү жана жаңы көркөм чыгармачыл багыты негизделген.

**Проза.** Тунгуч прозалык чыгармалар жогоруда аталган окуу китептери менен окуу куралдарында берилген көркөм текст катары басымдуу орунду ээлейт. Революциядан кийинки турмуш чындыгын чагылдырган жана ар кыл маанайдагы аңгеме түрүндөгү чыгармалар бар. Маселен, И.Арабаевдин «Кыргыз алиппеси»окуу китебине (1924) киргизилген: «Ленин ата», «Кырманда», «Биздин бак», «Пахта завод», «Калаа жана кыштак», «Артелчилердин кооперативи», «Пионерлердин улуу күнү» ж.б көркөм тексттерде кыргыз жергесинде болуп жаткан өзгөрүш жаңылыктары өрнөк кылып көрсөтүлөт, жаңы доордун балдары, октябряттардын, пионерлердин шаңдуу жүрүшү, салтанат күүсү сүрөттөлөт.

Ал эми коомдук ишмер, окумуштуу жана өтө таланттуу акын катары таанылган К. Тыныстанов өзүнүн жогоруда көрсөтүлгөн окуу китебине мезгил-маал, теребел жөнүндөгү ырларынан тышкары аңгеме, улама, тамсил тибиндеги прозалык чыгармаларын киргизген. Эмгекчилдикке, адептүүлүккө, адамгерчиликке, кичипейилдикке тарбиялоодо кичинекейлердин сезимтал жан дүйнөсүнө уюп кала турган чыгармалары менен К. Тыныстанов кыргыз балдар адабиятынын пайдубалынын түптөлүшүнө зор салым кошкон. Анын метафоралуу түшүнүктөр менен балдардын эстетикалык аңдоосун өстүргөн чакан сюжеттүү чыгармалары ушул тапта да көркөмдүк бийиктигин сактоодо.

Залкар жазуучу Т. Сыдыкбеков суктанган К. Тыныстановдун балдарга арнаган татынакай чыгармаларынын бири- «Талаага тай өнүптүр». Бул аңгемеде ак ниеттүү адал эмгек даңазаланат. Маселен, тайга минип жүргөн балдарды көргөн Абыл атасына тай алып бер, ата,-дейт.

-Макул, балам. Сен мектептен бошо. Талаага барып экөөбүз тай өндүрөбүз,-дейт Абылдын атасы. Абыл ага анча ишене бербейт.Эрте жазда атасы Абылды талаага ээрчитип келип өнүп калган тарууну көрсөтөт.

-Мына, сенин тайың өнүп жатат. Отоп, сугарып, жакшы баксак, күзүндө саа жорго тай болуп берет,-деп тарууну сугарып, отоп асырай беришет. Күздө түшүмдүү тарууну оруп, бастырып, түшүмүн бозочуга сатып, атасы Абылга жорго тай алып берет. Талаага тай өнөрүн Абыл ошондо билет.

Казак тилинде чыгуучу «Тилчи», «Көмөк»газеталарга 20-жылдардын башында ырларын, макалаларын жарыялап жана котормочулук иште да көрүнүп калган К.Баялинов 1926- жылы «Жетимдин өлүмү» аттуу биринчи жаңытма-аңгемесин «Эркин-Тоо»газетасынын эки санына (22-24-август,№ 90, 91) жарыялаган. Мурдагы адилетсиз замандын жүзүн реалдуу ашкерелеп, адамды адам эзген социалдык теңсиздиктин тамырын жетим-жесирлердин кейиштүү тагдырларын өз учурунда элестүү сүрөттөгөн.

Демек, кыргыз балдар прозасынын биринчи тарыхый барактары К. Тыныстанов менен К. Баялиновдун бөбөктөр үчүн жазылган көркөм алымдуу аңгемелери менен ачылган десек болот.

К.Баялинов булардын соңунан тестиерлерге, өспүрүмдөргө арнаган чыгармалары менен жаңыдан жаралып жаткан кыргыз балдар адабиятынын башатында болду. Балдардын жан-дүйнөсүндө жакшылыктан жамандык күчтүү деген ой калтырбас үчүн, жазуучу мурдагы «Жетимдин өлүмү»жаңытма-аңгемесин кайрадан иштеп чыгып (жетимчени тирүү калтырып), анын уландысы катары 1929-жылы «Мурат»аңгемесин тестиерлерге тартуулады. Мурдагы эзүүчүлөрдүн дале болсо колун карап, сөзүн сүйлөп турган кембагал кедейлердин көзүн ачып, алардын балдарын тапчылдыкка тарбиялоодо,

жаңы заманды чыңоо учурунда К. Баялиновдун «Мурат» аңгемесинин көркөм мааниси бийик болгон.

Кыргыз балдар адабиятынын тарыхында биринчи жолу китеп болуп эсептелген 1927-жылкы К.Баялиновдун «Түлкү менен суур», «Чаьалакей менен жылан» аңгемелери да бөбөктөр менен жеткинчектерге арналган. Чыгармалар сюжеттик курулушунун өтө жөнөкөйлүгү, окуялардын кызыктуулугу, тилинин жатык, илбериңкилиги менен бөтөнчөлөнөт. Мындай өзгөчөлүк, албетте, кичинекейлер үчүн жазылган бул төлбашы чыгармалардын жетишкен жагы эле. К. Баялиновдун балдарга арнаган дагы бир аңгемеси «Жетилген жетим» деп аталат. Кароосуз калган балдарга, жетим-жесиррлерге өкүмөт биринчи күндөн кам көргөнү белгилүү. Муну эмгекчил элдин балдарына туюндуруш үчүн жазуучулар ийкемдүү киришкен. Ушундан улам кыргыз балдар адабиятынын башталыш тарыхында жетимдер темасы кеңири өнүктүрүлгөн эле. К.Баялиновдун «Жетилген жетим»аңгемеси ушул темада жазылган. 1916-жылы улуттук боштондук кыймылдын оңунан чыкпай калган оордуну жана арып-ачкан качкын элге өкмөттүн биринчи күндөн көргөн камкордугу аңгеменин идеялык-тематикалык мазмунун түзөт.

Өз учурунун тарыхый шарттарына жараша баяндалып отуруп, көркөм элестүү түзүлгөн революциядан кийин кыргыз балдарынын образдары М. Элебаевдин «Кыйын кезең», «Зарылык», «Бороондуу күнү»аңгемелеринде да өтө жаркын көрсөтүлөт.

Балдар прозасына булардан башка дагы бир катар чыгармалар келди. С. Наматовдун «Жөжөлөр» (1929), А. Чыныгышевдин «Менин балдарым аянтчада»(1929) китептери жана Р. Шүкүрбековдун «Жаркынай»(1929) аңгемеси эле. Эмгекчил элдин балдарынын тапчылдык сезимин ойготуп турууда булар өз кезегинде турмуштук шартка жараша маанилүү роль ойногон.

30-жылдардын башында А. Токомбаев балдарга арнап «Акай мерген», «Акылмандын жообу»деген аңгемелерин жазган. Балдардын табиятына төп келе турган окуялардын динамикасы, образдардын дааналыгы жана сүрөттөө ыкмасынын жатыктыгы менен бул аңгемелер балдар адабиятынын профессионалдуулугун арттырды десе болот.

А. Токомбаевдин «Канаттуу достор» деген аңгемеси да бөбөктөрдү канаттуулар дүйнөсү жана алар мекендеген жер туурасында билгичтик менен маалымат берип, көркөм тааныштырат. Маселен, баласын жыландан сактап калыш үчүн Куркулдайдын толгон токсон канаттуулардан жардам сурап, жерден-жер кезгени айбанаттар дүйнөсүндөгү кызыктуу саякаттай кабылданат бөбөктөргө.

А.Токомбаевдин балдарга арналган аңгемелери тематикалык мазмунунун тереңдиги, социалдык-таптык тенденциясынын курчтугу, мезгил талабын чечкиндүү коштогон идеялык багытынын айкын-ачыктыгы жана балдардын кабылдоосуна жетимдүү элестер калтырып жаткан көркөмдүгүнүн жогорулугу менен өзгөчөлөнөт. Ошондуктан булар 30-жылдардагы балдар прозасынын жүзүн көрсөткөн этаптык чыгармалардан болуп калганы чын.

С. Сасыкбаевдин «Кичинекей жумушчу»(1932) аттуу аңгемеси идеялык-тематикалык мазмуну боюнча балдар адабиятындагы өзүнчө бир көркөм жаңылык болгон. Мында жазуучу москвалык Митька деген окуучу баланын заводдо иштеген ата-энесине берген жардамын жана анын бүткүл дүйнөлүк жумушчулардын балдар менен тилектештигин баяндап отуруп, кыргыз балдарын достуктун, интернационализмдин духунда тарбиялоону көздөгөн. С. Сасыкбаевдин бул аңгемеси кыргыз балдар адабиятынын тарыхында жумушчу табы жана интернационалдык достукту чагылдырганы менен белгилүү. Анын 1935-жылкы «Чабандын баласы», «Көк музоо»аңгемелеринин да тарбиялык мааниси чоң болгон.

Айыл-кыштак темасында жазылган чыгармалардын да катары өстү. Алардын ичинен К.Маликовдун 1935-жылкы «Сарала козу»аңгемеси бөтөнчө бөлүнүп турат. Коомдук менчикке, коллективдик чарбага бардык эле адамдар бирдей мамиледе болбогондугун К. Маликов дал ушул аңгемесинде бир топ жандуу, көркөм элестүү берилген образдар аркылуу чечмелейт.

К. Маликовдун «Бактылуу кыз»(1935) аңгемесиндеги окуя Күлүйпа деген кыздын тегерегинде өтөт. Окууга маани бербеген шайкелең окуучу балдардын кылык-жоруктары да аңгемеде ишенимдүү көрсөтүлөт. Тентек, колу туткак Алапай деген баланын пионерлердин күчү менен кайрадан жакшы жагына өзгөрүшү жана убактысын бекерге өткөрүп, барган сайын сабактарына жетише албаган  жеңил мүнөз Созул деген кыздын акыры келип жолдошторунун жардамы менен катарга кошулуусу чыгармада эсте калардын.

Балдарга арналган прозалык чыгармалардын тобу улам жаңы тематика, жаңы образдар жана жаңы жанрлык түрлөр менен байып отурду. М.Алыбаевдин «Жомокчу мерген», Н. Байтемировдун «Жомоктор» деген китептери менен толукталды. Кусейин Эсенкожоевдин 1937-жылкы «Шарше» аңгемеси , «Саякатчы бала» повести жана 1939-жылкы «Родинанын уулу», «/чүнчү шар»повесттери өз кезегинде балдардын эстетикалык жарпын жазар майрамы болгон. Ал жаш талант жаңыдан төшөлүп жаткан профессионалдуу кыргыз балдар адабиятынын фантастика жанрынын биринчи кышын койду.

Демек, балдар прозасы 20-30-жылдары эле түптөнүп жана анын катар балдарга ылайыктуу көркөм чыгармалар менен толукталып келген.

**Поэзия.** Балдар үчүн жазылган ырлардын алгачкылары  окуу китептерде жарык көрдү. Алардын ичинен К. Тыныстановдун ырлары көркөмдүгү менен чоң-кичине дебей баарыга тез алынып, фольклордук чыгармадагыдан бетер ооздон-оозго өтүп турган. Анын «Бөбөк терметкенде» деген ыры учурунда узун элдин учугуна, кыска элдин кыйырына, а турсун казак жазуучуларынын ошол кездеги өкүлдөрүнүн арасына да тарап кеткендигин анын замандаштары эскеришет. К. Тыныстановдун бул ырында элдик бешик ырындагыдай жылуу мээрим сезилет:

Алдей-алдей, бөбөгүм,
Ачууланба, ыйлаба.
Арка сүйсө жөлөгүм,
Абакеңди кыйнаба.

Алдей-алдей, бөбөк жан,
Ачууланба кур ыйлап.
Энем келер кызматтан,
Эмчегине сүт жыйнап.

Энем байкуш эгинде,
Эки эмчеги зыркырап.
Эгин түшпөс тегинге,
Эмгексизге жок тамак.

Ачкалыкты унутуп,
Ак мамаңа тоерсуң.
Айдай күлүп, жулкунуп,
Ачуулукту коерсуң.

К. Тыныстанов балдар ырларын көбүнэсе бөбөктөр менен жеткинчектердин табиятына ылайыктап жазып, аларга дүйнө таанытат. Акындын айрыкча мезгил-маал ырлары кичинекейлерге айлана-чөйрө, жаратылыш, кубулуштар жөнүндө татынакай эстетикалык элес калтырат. Анын «Кыш», «Жаз»деген ырлары ошого мисал. Тыныстанов жыл мезгилдери жөнүндө мындай циклизацияланган ырларды жаратууну К. Тыныстанов балдар поэзиясында биринчи баштаган.

«Эркин-Тоого» чыккан күндөн тартып ар бир кийинки муундагы балдардын эсинен эч  чыкпай жүргөн балдар ыры- «Зарыгам».

М. Элебаевдин бул ырынын мынча өмүрлүү касиети- окуу, билим   дегенде ак эткенден так этип чаңкаган лирикалык каармандын башкаларга дамамат өрнөк болушунда

М. Элебаевдин балдарга ылайык ырлары көбүнчө арман күүсүн чалат: «Окуу арманы»(1924), «Арман»(1927). Бул түшүнүктүү. Өткөн замандын кыйын кезеңинен улам жашы он тогузга келгенде араң сабаты ачылган  акын, балдарга өзүндөй болуп жаштыгы куру өтүп кетүүсүн каалабайт. М. Элебаевдин тестиер менен өспүрүмдөргө тийиштүү ырларынын көркөм поэтикалык үнү да үгүт-насаат, тапчылдык-чакырык жаатынан абдан күчтүү жана бийик. Бул дагы түшүнүктүү. Жаңы замандын ээси эмгекчил эл болуп жатканда, анын балдары дагы мезгил талабы менен өскөн нагыз жаңы типтеги адам болуп тарбиялануусун көздөйт. «Жаңылык»(1927), «Биздин жаштар»(1928)ж.б. ырлары буга мисал.

20- жылдары балдар поэзиясында эпикалык чыгармалар да пайда болду. Алар А. Токомбаевдин «Эшим жетим» (1928) поэмасы, «Жетим менен сыйкырчы»(1926) адабий жомогу, Ж.Бөкөнбаевдин «Түлкү менен бөдөнө»(1929) жомок тамсили.

Демек, 20-жылдары эле кыргыз балдар поэзиясы ыр, поэма, адабий жомоктун түрлөрү-жомок-поэма, жомок-тамсил менен жанрдык жаатынан ар түрдүүлөнүп түптөлө баштаган.

А. Токомбаевдин бөбөктөр менен жеткинчектерге арнаган «Биздин китеп»(1934)-балдар поэзиясындагы туңгуч ырлар жыйнак. Акын кичинекейлердин психологиясын жакшы билгендиктен, баланы ишенимине толук өтүп олуттуу, актуалдуу темада аны менен жалпы тил таап сүйлөшүп, алымдуу, жугумдуу сөзүн өткөрө алат ырларында. «Биздин китеп» 30-жылдардагы балдар поэзиясынын бийиктиги болгон жана ал өзүнүн баштапкы көркөм наркынан түшпөй турган чыгармалардан. А. Токомбаев балдарга арналган чыгармалары өзүнүн көркөмдүк жагынан жеткилең иштелгени, таасирдүүлүгү менен 20-30 жылдардагы балдар адабиятынын калыптанышына кошкон салымы кыйла баалуу.

Кыргыз поэзиясынын булбулу деп таанылган Ж. Бөкөнбаев да балдар адабиятынын бул түзүлүш этабында кичинекейлердин сүймөнчүлүгүнө ээ болду. 1929-жылы жазылган «Күзгү көпөлөк»деген ырында акын демейде этибарга алынбас макулуктарды: кумурска менен көпөлөктү салыштыруу иретинде теребелдин ажайып көрүнүшүндө конкреттүү сүрөттөп отуруп эмгек эрезеге, ал эми жалкоо түпкө жеткирерин бөбөктөрдүн сезимине уютуп койгон эле. Кумурсканын эмгектенгенин айрөктөгөн көпөлөк жай-жайлата гүлдөн-гүл тандап, сайрандап жүрүп, күзгү суукта кумурскадан кайра нан сурап өзү мазак болот. Ал эми «Торгой менен Жагалмай»(1931), «Арстан менен түлкү», «Жылан менен бака», «Мышык менен май»(1937) чыгармаларында акын кайрадан тамсилге кайрылган. Булардын көркөм-идеялык мааниси ар кыл. Ж. Бөкөнбаевдин бул көөнөрбөс көркөм баалуу чыгармалары менен жаңы типтеги жазма  балдар адабиятында тамсил жанрынын текчеси пайда болду.

Балдар адабиятынын ар бир өсүш этаптарында өз үлүшү бар акындардын бири- Т. /мөталиев. Бүтүндөй бир муун анын «Кучактатып мойнунан»деген ырында тарбияланган эле кезинде. Ырдын:

Кучактатып мойнунан,
Алма берип колунан.
Эркелетип атабыз,

Эркин өсүп жатабыз- деген саптары ар кимдин көкүрөгүндө уюган калыбында жашап келүүдө. Кичинекейлердин учкул кыял тилектери, сергек жүрүм-туруму жана алардын алпечтеген балалык бактысы жөнүндө жылуу жазылган мындай ырлар анын «Темиркулдун ырлары»(1936), «Гүлдөр өлкөсү»(1938), «Суу боюнда»(1939)ырлар жыйнактарында да жолугат.

30-жылдарда балдар поэзиясы эпикалык жанрдагы чыгармалар менен да даана көрүндү. Алар Ж. Турусбековдун «Энем», К. Маликовдун «Сулайманов Керимбек», «Кремль жомогу», «Ленин шамы», М. Токобаевдин «Эгиз балдар», К. Эшимбековдун «Ашым менен Саткын»ж.б. коомдук мамилелердеги өзгөрүүлөрдү, жаңылыктарды жана турмуштун чыны ээси боло турган жаш муундарды бул жазуучулар өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө жараша чагылтып көрсөтүштү.

30-жылдары балдар поэзиясы ыр, тамсил, поэма, адабий жомоктун ар кыл жанрдык түрлөрү боюнча жетилип калган абалында көрүнө баштады. Балдар поэзиясынын бул мезгилдеги тарыхында ар бир акындын үлүшү бар.

30-жылдары китеп болуп алгачкы жолу жарыкка чыккан «Эр Төштүк», «Кожожаш», «Кедейкан», «Олжобай менен Кишимжан»,
«Саринжи ,Бөкөй», «Жаныш ,Байыш», «Курманбек», «Мендирман» чоң-кичине дебей атпай журттун майрамы болгон.

Балдар адабиятынын текчеси котормо чыгармалар менен дагы толукталды.

**Драматургия.** Балдарга ылайыкташтырылган драмалык чыгарма 30-жылдардын башында жарык көргөн. Маселен, К. Маликов «Ким ким үчүн» деген чыгармасында социалдык ажырымды, таптык кармашууларды көрсөткүсү келген. Конфликт конкреттүү аталган адамдардын мамилелеринде эмес, жалпылаштырылган социалдык-таптык катмарлардын өкүлдөрү аркылуу көрсөтүлөт. Ошондуктан бул драмалык чыгарманын катышуучулары. Дыйкан, Артелчи, Пионер же Бай, Манап, Молдо, же Оңчул, Шылуун делинип берилет да, булардын ар кимиси өз табы, катмары, уюму атынан жандуу аракеттенишет. К. Маликовдун бул пьеса тибиндеги чыгармасы көркөмдүгү жагынан бир топ чийки болгон менен турмуш чындыгын өз учурундагы карама-каршылыктары менен тааныштырып, балдардын сезимин курчутууга маанилүү роль ойногон.

Ж. Турусбековдун «Ажал ордуна», Ж.Бөкөнбаевдин «Алтын кыз»драмалары балдарга тиешеси жок болсо да айрым актыларын алар өздүк көркөм чыгармачылык катары айылдык клубдарда, мектептерде коюшкан. Ал гана эмес, жайкысын талаада оюн-шоок катары балдар, кыздар, бири карагайга таңылып Искендер болуп, экинчиси бир чөйчөк талканга сатылып Зулайка болуп арияларын аткарган кез болгон

Албетте, К. Маликовдун балдарга ылайыкташтырылган драмалык чыгармасы, же Ж. Турусбековдун, Ж.Бөкөнбаевдин бул пьесалары менен балдар драматургиясы жарала калды деп айтууга болбойт. Ырасында, балдарды канчалык өзүнө тартпасын «Ажал ордуна» менен «Алтын кыз»чоңдордуку. Ал эми «Ким ким үчүн»балдар драматургиясында туңгуч карлыгач болгондугу менен гана библионграфиялык чыгарма болуп отурат. Анан анын катары көпкө дейре бош турду.

Демек, кыргыз балдар адабияты 20-30-жылдардын ичинде өнүгүү жолуна түшкөн жана ал биринчи муундагы жазуучулардын жапырт катышуусу менен негизделген. Проза жанрынын башатында К. Баялинов, М.Элебаев, С. Сасыкбаев, К.Эсенкожоев, поэзияда- К. Тыныстанов, А.Токомбаев, Ж.Бөкөнбаев, Ж.Турусбеков,К.Маликов, Т. /мөталиев,А.Токтомушев, М.Алыбаев турган.

**Таяныч түшүнүктөр:**

20-30- жылдардагы балдар адабияты,

Балдарга арналган прозалык чыгармалар,

Балдар поэзиясы,

Балдарга ылайыкташтырылган драмалык чыгармалар.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. 20-30-жылдардагы балдар адабиятындагы прозалык чыгармалардын тематикалык-идеялык багытын үйрөнгүлө.
2. Ошол жылдардагы поэзиялык чыгармаларды ар бирине талдоо жүргүзгүлө.
3. Драматургия жанры кандай абалда болгон?
4. Балдар адабиятынын калыптануу этаптарында кайсыл акын-жазуучулардын салымы чоң болду жана алардын чыгармаларын атагыла.

**Адабияттар:**

**1.** “Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы”. М. Түлөгабылов Бишкек, “Мектеп”, 1991.
2. “Кыргыз адабияты” (8- класс үчүн) окуу китеби . Таштемиров Ж., Мусаев С. 1976- ж.
3. “Элдик акындар жана тарбия” Окуу – методикалык курал. А.Т. Калдыбаева, Б.К. /күева. Бишкек- 1995

**Кусейин Эсенкожоев (2 саат)**

Негизги маселелер:

1. Кусейин Эсенкожоевдин акындык жана атуулдук өзгөчөлүгү.
2. Анын чыгармачылыгы, балдар адабиятына кошкон чоң салымы.

Элим өсөт, мен да бирге гүлдөймүн,
Мен да өсүп, жаңылыкка үндөймүн.
Каным бүтүп, денем жерге киргенче,
Элим, жерим туурасында сүйлөймүн.

Бул али мурут түгү чыга элек боз улан К. Эсенкожоевдин улуу Мекенине берген атуулдук да, жазуучулук да ыйык анты эле. Ырасында, ошондой эле болду. Институттун акыркы 4-курсунда артыкчылык стипендия менен окуп жаткан К. Эсенкожоев өз ыктыяры менен майданга аттанып, жыйырмадан ашкан кырчын курагында Мекен үчүн баатырларча курман болгон. Бирок ошол өмүрүнүн таңында учкан жылдыздай жарк көрүнүп кете берген жазуучу кыргыз балдар адабиятында изи өчпөй турган бир топ көркөм таланттуу чыгармаларды жаратып коюуга үлгүргөн экен. Алар поэзияда да, прозада да кыргыз балдар адабиятынын тарыхый барактарын ачып, өз тушундагы адабий процесске салым кошкон авторунун жүзүн айгине көрсөтүп туруучу этаптык чыгармалардан болуп калды. Демек, К. Эсенкожоев атуулдук да, жазуучулук да милдетин эли алдында, Мекени алдында актап, сөз өтөсүнө жете алды.

К.Эсенкожоевдин чыгармачылыгы эрте башталган. Айрым жакын туугандарынын эскерүүлөрүнө караганда да айылда башталгыч класстарда окуп жүргөнүндө эле ыр саптарын кураштырган экен. Кийинчерээк, Фрунзе шаарына келип окуган №5 орто мектеп Кусейинге ар тараптан билим берип учурган уя гана болбостон, чыгармачылык жагынан да канат сермеп, оболоп көтөрүлүүсүнө татынакай шарт түзгөн. Табиятында өтө сезимтал өспурум адабият дүйнөсүнө сүңгүп кирип, улуттук, орус жана дүйнөлүк жазуучулардын чыгармалары менен тааныша баштайт.Мектептеги адабий ийримдин активдүү мүчөсү болуп, жазган ырларын дубал газетасына чыгарып турат. Жаш талапкерди өзүнө тартып алган керемет күч айрыкча илимий фантастикалык жана укмуш окуялуу чыгармалар болгондуктан К.Эсенкожоев мектепте окуп жүргөн кезинде эле Даниель Дефонун, Жюль Верндин, Э. Распэнин чыгармалары менен таанышып чыккан. Анын илимий фантастикалык чыгармачылыкка кызыгып жана бул жанрда өзүнүн чыгармаларын жазып калгандыгына ушул классиктер негизги роль ойногону бышык.

К. Эсенкожоев-балдардын психологиясын кылдат баамдап жана алардын жаш айырмачылыгына жараша реалдуу дүйнөнү сергек туюнтуп отуруп, «кичинекейлер үчүн чоң адабиятты»түзүүгө эң маанилүү салым киргизген жазуучу. Айтсак, илимий-фантастикалык жанрдын кыргыз балдар адабиятындагы башаты К. Эсенкожоевдин чыгармачылык талантына гана энчилүү.Ал эми анын «Канаттуулардын сыры»аталышы эле кабардап жаткандай, кыргыз жергесиндеги бүткүл канаттуулар жөнүндө көркөм толук маалымат берген өзүнчө бир энциклопедияга арзыйт. К. Эсенкожоев бул чыгармасында не түркүн куштардын сырларын ачкан жана алардын элесин бөбөктөрдүн дүйнө таануусунда өмүр бою унутпагыдай кылып, болушундай таасын, жандуу, нары кыймылдуу сүрөттөйт. Кыргыз жеринде кездешер канаттуулар толук түрүндө Молдо Кылычтан кийин Эсенкожоевдин чыгармасында гана кеңири орун алды. Чыгармада отуз беш канаттуунун сөз боегу менен тартылган галереясы көз алдыдан сызып өтөт. «Канаттуулар сыры»балдарды эч кайдыгер калтырбайт. Айрыкча бөбөктөргө дүйнө таанытууда бул чыгарманын туюнтмалуу тарбиялык мааниси бир кыйла. Эң негизгиси ким да дебейлик, кыргыз жергесиндеги канаттуулар жөнүндө кадимкидей кабардар болот.

К. Эсенкожоев канаттуулардын дүйнөсүнө кылдат натуралист, баамчыл зоолог катары өз байкоосун жүргүзгөн.

К. Эсенкожоевдин жазуучулук диапозону ар кыл, эпикалык масштабдуу болмок экен. Анткени, ал өтө кыска өмүрүндө көңүл паанайдагы кагылыштарды берип, жүрөк

сезимге от жаккан канча бир турмуштук темадагы лирикалары менен поэмаларын калтырыптыр.

К. Эсенкожоев чыгармачылык баралына келгенде чоң прозаик да болмок экен. Анткени, он жети жашында ал «Шарше», «Саякатчы бала», андан соң «/чүнчү шар», он сегизинде «Родинанын уулу»деген чыгармаларын жарыкка чыгарып, окуучулардын кеңири чөйрөсүнө бат эле таанылган.

Кыргыз балдар адабиятында К. Эсенкожоевдин өмүрүн өчпөс кылып негиздеген анын фантастикалык чыгармалары. Алардын туңгучу- «Саякатчы бала». Бир нече чакан аңгемелер циклинен куралган бул чыгарма кыргыз адабиятындагы фантастикалык жанрдын башатын ачкан. Сюжеттик мазмун баштан аяк бир гана каармандын- Саякатчы баланын тегерегинде өнүгөт. Өзүнүн иш-аракети менен ал дароо көңүлдү бөлүп, улам бир кызыктуу окуяга дуушар болот да, дагы эмненин ичинен чыгар экен дедиртип окурманды артынан сая түшүрө ээрчитип алат. Туура, баланын жасаган иши, аракети жана ал туш болгон окуялардын маңызы илимий укмуштуу фантастикалык сырларга кандайдыр жупуну келет. Буга себеп К. Эсенкожоевдин өзүнүн али жаштыгы жана турмуш тажрыйбасынын али жетишсиздиги эле. Ошондуктан бул чыгарма баарыдан мурда жазуучунун кичинесиндеги уккан-билген жомокторунун, мектептен алган билиминин жана ойноо балалык доорундагы тажрыйбаларынын ширөөсүнөн жаралгандай болуп кабылданат.

Чыгарманын каарманы Баланын саякатка чыгуудагы план, программасы бар. Аны аткаруу учурундагы окуялар биринчи жактан, б.а. Баланын атынан баяндалат. Анын оңунан чыккан изденүү иши да, ыксыз калпыстыктары да көз алдыда өтүп отурат. Бирок кеп Баланын ийгилигине кубанып, же кетирген кемтигине кейүүдө гана эмес, маселе чоңбу, кичинеби кандай, эмне иш болбосун, аны баштоодо алды-артын ойлонууда болуп жатат. Ойлонуп иш кылбаган, адам ар кандай кокустуктардан оңой чыгалбай, мүмкүнчүлүгү менен эсептешпей, не бир күтүлбөгөн кырсыкка учурай берери да сөзсүз.

Баланын биринчи саякаты өз жергесине мергендик кылуудан башталат. Колунда кадимки жаа, жебе, таш мылтык, тийсе тешип кетсин деген амал менен майга кайнатып алган октору бар. Жебеге байланган жиби менен сүйрөлүп отуруп караңгы уңкүргө киргени, атып алган текесин баш кылып бир үйүр тоо эчкини үйүнө айдап келиши чынында да таң каларлык окуя. Бул «өз атам туула электе, чоң атамдын жылкысын кайтардым» деген элдик поэтикалык апыртма-калптагыдай эле өтө күчтүү көркөм таасир калтырат.

«Саякатчы бала»-бар болгону мектеп жашындагы боз улан жазуучунун көркөм ойлоосунан келип чыккан фантастикалык чыгармалардын гана тибине кирмекчи.

К.Эсенкожоевдин илимий фантастикалык чыгармалары биринчи жактан жазылып, алардын бардыгында баштан аяк окуяны баяндаган бир каарман-Бала жеке өзүнүн башынан кечирген окуялары менен сюжеттик өзөктү өнүктүрөт. Ошондуктан ал каарман-Бала, бир жагынан, окурмандарга мурдатан тааныш келсе, экинчи жагынан, окурмандары менен бирге өсүп, кийинки чыгармаларда өзүнүн бой тарткан кезин көрсөтөт. Ушундан улам К.Эсенкожоевдин чыгармалары идеялык-тематикалык жана көркөм-эстетикалык жактан бири экинчисин улантып, толуктап жаткандай кабылданат.

Мына ошондой илимий-фантастикалык чыгармаларынын бири-«/чүнчү шар». Бул чыгармада Баланын ишкердик аракети, баскан жолу «Саякатчы баладагыдай»узун, көз жетпеген мейкиндикти камтыбайт. Тескерисинче, бир гана бийиктикке, болгондо да мурдагы белгисиз калган ааламдын (космостун)калың аба катмарына кайрадан шар менен жол тартат. Албетте, буга караганда «/чүнчү шар»жазуучунун «Саякатчы бала»аңгемесинин «Шарда учканда»деген бөлүгүнүн эми чакан повестке тете иштелген вариациясы өңдөнүп да кетет. Бирок, кеп анда деле эмес. Маселе- Баланын эмки аракетинде. Биерде эки негизги бөтөнчөлүк айрыкча көңүлдү бөлөт. Бири- Баланын илимий жактан туура позицияда туруп, өзүнүн андан аркы изденүү ишин жүргүзгөндүгү. Экинчи-Баладагы мүнөздүү сапаттардын психологиялык аспектиде тереңдетилип ачылып

көрсөтүлгөндүгү. Ушунун өзүндө анан К. Эсенкожоевдин бул повестке тете чыгармасынын фантастикасы качандыр жүзөгө ашар реалдуулугу жана каармандын ички сезим дүйнөсүнө сүңгүп кирип калган жазуучунун өзүнүн да чеберчилиги байкалат. «/чүнчү шар»да психологизм да жеткилең ачылат. Аны Баланын айрыкча жерге кайрылып түшкөндөн кийинки абалынан жолуктурабыз.

«/чүнчү шар»өспүрүмдөрдү граждандуулукка, адамдык бийиктикке тарбиялоодо да өзүнүн көркөм нравалык маанисин жоготпой сактап кала бере турган чыгармалардан болуп эсептелет.

«Родинанын уулу»повестинде К. Эсенкожоев илимий фантастикалык жанрдагы чыгармачылыгынын жетишкен бийиктигин көрсөткөн. Жазуучу менен анын каарманы (К. Эсенкожоев менен анын каарманы-жашташ)шайкеш өсүп отурушуп өзүнүн тажрыйбасы жана жаш курактары боюнча да эми ирдене түшкөнү байкалат. Буга негиз бар эле. Айтсак, К.Эсенкожоев бул учурда Фрунзедеги techинституттун 1-курсунун студенти болуп калган. ВУЗдагы билим анын илим жөнүндөгү түшүнүгүн тереңдетипей койгон эмес. Жаш талант өзүнүн чийкилигин баамдап, кыялый фантастикасын илимдин өз учурундагы ийгиликтери менен камыр-жумур жуурулуштурууга аракеттенди. Мунун өзү К.Эсенкожоевдин дагы бир жолку чыгармачылык өр таянуусу эле. Ошондуктан «Родинанын уулу», «Саякатчы бала», «/чүнчү шарга»салыштырып караганда кыйла жаңы түстө көрүнөт. Автор жазуучулук маданияты да жаңы илимий маалыматтар, кабарлар менен артылгандыгы сезилет.

К.Эсенкожоевдин илимий фантастикалык чыгармалары кыргыз балдар адабиятынын жаңы түзүлүп жаткан тажрыйбасында жаралган биринчи төл башылар. К.Эсенкожоев ошондуктан, кыргыз балдар адабиятынын тарыхында илимий фантастикалык жанрдын көч башы болуп келе берет.

**Таяныч түшүнүктөр:**

Кусейин Эсенкожоев,
анын акындык жана атуулдук өзгөчөлүгү,
анын чыгармачылыгы,
анын балдар адабиятына кошкон чоң салымы.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. К.Эсенкожоев кыргыз балдар адабиятын өзүнүн кандай чыгармалары менен байытты?

2.Кусейин Эсенкожоевдин акындык жана атуулдук өзгөчөлүгү эмнеде?
3.Анын чыгармачылыгы эмнеси менен айырмаланат?
4. Анын чыгармаларынын сюжеттеринен баяндагыла.

**Адабияттар:**

1.“Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы”. М. Түлөгабылов Бишкек, “Мектеп”, 1991.
2.“Кыргыз адабияты” (8- класс үчүн) окуу китеби . Таштемиров Ж., Мусаев С. 1976- ж.
3.“Элдик акындар жана тарбия” Окуу – методикалык курал. А.Т. Калдыбаева, Б.К. /күева. Бишкек- 1995.
4“Бийик жердин балдары” К. Ташбаев. ОШ шаары – 1999ж.
5.“Ч. Айтматов жана этнопедогика” А. Муратов. Бишкек – 2000.

## Согуш жылдарындагы кыргыз балдар адабияты (2 саат)

Негизги маселелер:

1. Согуш жылдарындагы кыргыз балдар прозасы
2. Согуш мезгилиндеги кыргыз балдар поэзиясы
3. Райкан Шүкүрбеков

Согуш жылдары кыргыз балдар прозасында аңгемелер гана жаралды. Алардын ичинен өтө белгилүү болуп калгандары: бөбөктөр менен жеткинчектерге арналган К. Баялиновдун «Ал эми жетим эмес», Т.Сыдыкбековдун «Сагынбадымбы», «Күтүү»жана тестиерлер менен өспүрүмдөргө арналган анын «Кичинекей патриоттор», С. Сасыкбаевдин «Чалгынчылар» («Партизандын уулу»). О.э чоңдор адабиятынан: А. Токомбаевдин «Ашырбай», К.Жантөшевдин «Чолпонбай», С. Сасыкбаевдин «Баатыр», «Днепрден өткөндө»көркөм очерктерин балдардын көркөм окуусуна (детское чтение) тартууласа болот.

К. Баялиновдун «Ал эми жетим эмес»деген аңгемеси курчоодо калган ленинграддык бөбөктөрдүн турмушун баяндайт.

К.Баялиновдун аңгемесинин тарбиялык мааниси кыйын, кысталыш күндөрдө элибиздин саясий моралдык жагынан бекем тургандыгын көркөм реалдуу жана тарыхый конкреттүү сүрөттөгөндүгүнөн байкалат. Чыгарманын идеялык мазмунундагы бул эң негизги маселе анын кийинки экинчи бөлүкчөсүндө тоголок жетим калган Лелянын Ленинграддан Кыргызстанга, Ысык-Көлдүн боюна келгендиги турмуш-тагдыры менен чечилген. Леля жетим эмес. Эми ал өзүнүн ата-энесиндей ысык мээримин салып, үстүнө үйүрүлүп түшүп турган кыргыздан өзүнө ата да, эне да тапты.

Ал камкор Амантур менен кең пейил, мээримдүү Маани жеңе.

Жазуучу тарыхый шартка байланыштуу бир типтүү окуяны жалпылаштырып сүрөттөө менен ошол кездеги элдердин достугун, бир туугандык ымаласын чагылдырган.

Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде эвакуацияланган адамдар ооруктагы элдердин арасынан жылуу жай таап, өз жериндей, өз элиндей алынып кетишкендиги, жергиликтүү элдин жылуу кабыл алганы, балдар үйүнөн бала багып алышып, тарбиялап өстүрүшкөнү- тарыхый чындык болчу. Ошондуктан турмуштагы мындай фактылар сөзсүз көркөм адабий чыгармалардан орун алууга акылуу эле. Ырысында, жазуучулар чоң үй-бүлөдөй болгон көп удуттуу элдин ошондогу бекем биримдигин, бир тууган достугун көркөм таасирдүү, терең ишенимдүү чагылдырышып, дүйнөдөгү эң демократиялуу, гумандуу сапаттарын, жакшынакай мүнөздүү белгилерин астейдил көрсөтө алышты.

К. Баялиновдун бөбөктөргө арнаган «Ал эми жетим эмес»деген аңгемеси ошондой чыгармалардын тобуна кирет. Кичинекейлерди элдердин достугуна, интернационализмдин духуна тарбиялоодо чыгарма өзүнүн көркөм-тарыхый маанисин жоготпойт.

Т. Сыдыкбековдун «Сагынбадымбы»деген аңгемеси жарык көрдү. Бул аңгеме бир композициялык сүрөттөмөдөн турат. Ошонун өзүндө кичинекей бөбөктүн, анын энесинин тагдыры сезимге күчтүү таасир этердей сүрөттөлгөн. Маселен, түн уйкусунан чочуп ойгонгон баланын: «-Байке, байкем… ай!-Байкем…кетип калдыбы? Сагынбадымбы?»-деп, өпкө-өпкөсүнө батпай ыйлаганы, же болбосо эне баласын соорото албай, ага кошулуп өзү да көз жашын төккөнү зээнди кейитип, жан-дүйнөңө бүлүк салбай койбойт. Анан кайратына келген эне «-Байкең жакында келет, душманын жеңип келет»-деп баласын ишендиргени аңгеменин идеялык негизин бийик көтөрөт. Адамдардын эртеңки турмуш тагдырына эч күмөндөр болбогон оптимисттик жан-дүйнөсү ачык берилген.

Ал эми Сыдыкбековдун «Күтүү»аттуу аңгемесинде көздөн учкан жоокерлерди ооруктагылардын чыдамсыз күтүшү беш жашар Жеткиндин жана анын энеси Берметтин образы аркылуу психологиялык жагдайдан көркөм элестүү жана эмоциялуу, таасирдүү көрсөтүлгөн.

Ырас, атасын чыдамсыз күтүп жүрүп беш жашар Жеткиндин сууга агып кетиши, албетте кокустук. Анткени менен ушундай кокустуктун өзү да согуштун кесепетинен улам жаңыртып көпүрө салынбагандыктан болуп жатат. Муну менен алыскы оорукта дагы согуштун тийгизген залалы көркөм чагылдырылган.

Т. Сыдыкбековдун «Кичинекей патриоттор»деген аңгемеси ооруктагы балдардын жалпы элдик жүктү аркалап жаткандыгын кыйла көркөм жеткиликтүү көрсөтүп турат. Демейдеги тынчтылык шартта убактыларын беймарал өткөрө турган балдар эми майданга кантсе дагы жардам кылуу максатта чоң кишилерден бетер эртеден кечке өндүрүш чарбасында жүрүүдө. Алар кош башында, айдоо талаасында, соко менен кошо жыгылып, туруп жүрүшкөн али борбую ката элек, илмийген көк шили балдар эле. Жазуучу кичинекей патриоттордун образдарын конкреттүү көрсөтүү үчүн алардын баскан-турган кыймылдарына, кыял-жоруктарына көнүмүш, адаттарына, сергек-сезимтал көз караштарына чейин иликтеп такташтырган. Бирин бири кайталабаган балдардын өз алдынча аракеттери, кулк-мүнөздөрү айырмаланып чыга келет. Оор басырыктуу, курбуларына караганда көптү билген-Абыл, ойноок, эрки жумшак-Касым, арыкчырай, атаандашма, намысчыл-Ашым, жайдары- Гүлнар, уялчаак, сөзгө да жок-Гүлөй жан дүйнөлөрү таза, ой-тилектери учкул кыял балдардан. Бала болсо да өлкөнүн тагдырын ойлошуп, патриоттук күчтүү демилгелерди көтөрүшүп, өздөрүн өндүрүш чарбасындагы «эмгектин кужүрмөндөрүбүз»деп жарыялашып жана жогорку түшүм үчүн күрөшөт.

Согуш мезгилиндеги кыргыз балдар прозасын С. Сасыкбаевдин «Чалгынчылар»деген аңгемеси да байытты. Анда согуш жүрүп жаткан жердеги советтик украин балдарынын патриоттугун реалдуу чагылтып көрсөтүлгөн. Жазуучу аңгемесин кийин кайрадан иштеп чыгып, 1949-жылы экинчи басылышында «Партизандын уулу»деп атаган.

Бул аңгемеде Тарас деген баланын өмүр жолу сүрөттөлөт. Тарастын өмүр баяны жүрөк сыздаткан оор жана трагедиялуу. Бала он үч жашында ата-энечинен согуштун кесепетинен улам ажырап, фашисттердин ырайымсыз жазасын көтөрөт. Чалгынчылар Кадыр, Иван таап алышпаганда Тарастын катарга кайрылып кошулбастыгы ыктымал эле. Согуш мезгилинде патриоттук сезими күчтүү балдар өлүмгө башын байлап, душмандан өч алууну көздөшкөнү турмуштук чындык болучу. Тарастын образы ошондой типтүү шарттарга жараша түзүлүп, советтик балдардын типтүү мүнөздүү белгилерин жалпылаштырып турат.

Тарастын Кадыр менен чалгынга чыгышы, кыйын-кысталыш учурларда бири-бирине жөлөк болуп турганы да чыгармада жакшы сүрөттөлгөн.

Балдардын жан-дүйнөсүнө патриоттук сезимди уютууда эли, жери үчүн жанын кыйган адамдардын тарыхый эрдигин реалдуу баяндоо зор роль ойнойт. «Даңк»орденинин үч жолку ээси-Ашырбай Коенкөзиев, Советтер Союзунун Баатырлары-Ташмамат Жумабаев, Чолпонбай Түлөбердиев, дүйшөнкул Шопоков өңдүү жердештерибиздин эрдиги эч качан өлбөс болуп А. Токомбаевдин «Ашырбай», К.Жантөшевдин «Чолпонбай», С.Сасыкбаевдин «Баатыр», «Днепрден өткөндө»деген көркөм очерк, аңгемелеринде жашап калды.

Поэзиясы. Согуш мезгилиндеги прозадагыдай эле поэзияда да балдар чыгармалары саналуу болду. Көпчүлүк жазуучу, акындар калемин куралга алмаштырып, Мекенди коргоп, майданга аттанышты. Бул учурда жаралган чыгармалар душманга болгон кекти, жеңишти көксөгөн үмүттү чагылдырат.

Маселен, А. Токомбаевдин «Алкоо», М. Элебаевдин «Улуу марш», Ж.Турусбековдун «Кайда качат», Ж.Бөкөнбаевдин «Кош Ала-Тоо , уулуң кетти майданга», К. Маликовдун «Канга кан»ырлары менен өз учурунда бүтүндөй жаш муундар тарбияланышкан. Мекенди көз карегиндей сактап кала турган кылып балдардын да ар-намысын ойготууда бул ырлардын ролу зор болгон.

Ж. Бөкөнбаевдин «Тилегим»аттуу балдарга арналган ыры согуш мезгилинде жазылган алгачкы ырлардан. «Тилегим» жеткинчектердин көркөм-эстетикалык

кабылдоосуна толук ылайык келет жана алардын патриоттук сезимин бийик көтөрүп турат.

Атам Манас сыяктуу,
Эр болсом деп тилеймин.
Душман кечип өтө албас,
Көл болсом деп тилеймин.

Кожожаштай көзгө атар,
Мерген болсом жазбаган.
Баатыр болсом Чубактай,
Басынып жоодон качпаган

«Элге кызмат кылгын»-деп,
Энем мени төрөдүң.
Чолпонбайдай шер болуп,
Көпкө тийсе керегим.

Ж. Бөкөнбаевдин балдар адабиятындагы ийгилиги кичинекейлердин психологиясын түшүнө билгендигинде. Алардын тезиреек эле чоңоюуну самап, тигил элдик эпикалык баатырлардай жана айтылуу адамдардай болгусу келген мүдөөсүн астейдил билдире алган.

Ж.Бөкөнбаевдин «Тилегим»деген ыры бөбөктөр арасында ырдалып жүрөт.

1942-жылы жазылган Т./мөталиевдин «Эң кыйыны кимиси»деген поэмасы эл арасында, өзгөчө балдарга айтыла турган жөө жомоктордун ичинде кеңири таралып жүргөн фольклордук чыгарманы кайрадан иштеп чыккан убакта ага мүнөздүү келген апыртмалуу, укмуштуу учурларды, көрүнүштөрдү алып таштабастан, аларды кызыктуу сюжеттин түзүлүшү жана идеялык мазмундун көркөм таасирдүү келип терең ачылышы үчүн көмөкчү каражат катары билгичтик менен пайдаланган.

Поэмада бир кемпирдин өнөрлүү үч баласы жөнүндө баяндалат. Окуучулардын көңүлүн бөлүп, өз алдынча ойлонуусун өстүрө турган негизги булак да ушул үч баланын үч башка өнөрүнөн улам келип чыгат. Улуу баласынын-таамай аткычтыгы, ортончу баласынын-дүйнөнү аңтарып көрө алгандыгы жана кичи баласынын- укмуштай шамдагайлыгы болбосо, канаттуу дөө алып кеткен жалгыз карындашын алар кайрып ала алышпас эле. Ошондуктан, «суу өтпөс, отко күйбөс, ок теше албас кементайды»алардын кимисине сый кылып ыйгаруу энеге кандай кыйынчылык келтирип турса, окурман балдарга да ошондой талаш-тартыш маселе.

Акындын поэмасынын негизги идеялык багыты муну менен гана чектелбейт. Ал баарыдан мурда балдардын ар кыл өнөргө канык болуусун көздөйт. Акындын бул поэмасынын дагы бир тарбиялык мааниси мындай учурда байкалат.

Эр танкист, замбирекчи, пулеметчу,
Ата бер, касташканды, аяба окту!
Жаркылдат кылычыңды, баатыр атчан,
Учкуч эр, төбөсүнөн ургун сокку!
Энебиз куру койбойт баарыбызды
Колунда жетишерлик сый тон жокпу?!

Бул жерде акын кан майдандагы жоокерлерди да шыктандырып жатат.

Ал эми балдардын патриоттук духун көтөрүүгө жана аларды элдин керегине жарай тургандай кылып тарбиялоодо Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек»жомок-поэмасынын өзгөчө мааниси бар.

Поэмада башкы каарман онүч жашар бала. Ал атадан жалгыз, жетим. Бирок бала карыган энесинин кыйыншартта каларына карабастан элин, жерин басып, талап алуучу жоодон коргой турган чептин курулуп бүтүшү үчүн өлүмдөн да баш тартпайт. Ошондуктан: «-Кайсы эр бул кызматка чыгар экен, Бул дубал эр канына кумар экен»-деген жар салууга эч ким батынып чыга албай турганда, элдин керегине жароочу кезек эми келгендигин бала түшүнүп:

«-Уктум да шашкан бойдон келдим,-деди,
-Мен даяр тезден гана көмгүн,-деди.
-Арманым дүнүйөдө эч калбайт го,
Жарасам керегине элдин,-деди».

Бала алоолонгон жаш жүрөгү менен өз эли, өз жери үчүн эч бир салыштырып болбос кыйын сыноодон өтүп жатат.

Ж.Бөкөнбаев бул поэмасында кейипкерлердин психологиялык абалын, мүнөздүү белгилерин, тереңдетип ача алган. Маселен, караан туткан жалгыз баласын көз көрүнөө өлүмгө ыраа көрүү, албетте, картаң энеге алда канча кыйын жана көңүл жубатып болбос чоң жоготуу. Ошондуктан, кум алдына тирүүлөй көмүлүп бараткан баласына эненин: -« Кулунум кучактайын мында келчи, Кууратпа карыганда апакеңди», деп көз жашын төгүп, боздоп ыйлап, толгонуп турушу психологиялык жактан күчтүү таасир этпей койбойт. Ким да болсун карт энени калчылдап турган элесин көз алдына тутуу менен, анын көңүл кайгысына тең орток болгусу келет.

Бирок эненин асыл сапаты башкада. Ал жалгыз баласын кандай көрсө, элди да ошондой ысык көрөт. Ошондуктан эне баласын канчалык сүйбөсүн, аны тирүүлөй өлүмгө кыя албай канчалык кыйналбасын, эл керегине жарап жаткандыгын жана өзү да эл үчүн кызмат кылууга тарбиялап өстүргөндүгүн тана албайт. Акыры эн:-Ата журт кызматына жанды берип, айланам, ак сүтүмдү актап кеттиң,-деп баласына сыймыктануу менен ыраазычылыгын билгизет. Эненин бул кайраты, ыраазылыгы баланын кубатына кубат, күчүнө күч кошот.

-Энеке, бул кыйганың адамчылык,
Жүрөгүң акак, бермет таштан тунук.
Өтөбөй калайыктын бир кызматын
Жүрбөймүн жер бетинде адамсынып!

Баладагы мына ушул эли-журтун чексиз сүйгөн жалын жүрөк атуулдук сезими башкаларга үлгү болуп отурат.

Ж. Бөкөнбаев поэмасынын акырында анын идеялык маңызын көрсөтүп турган корутунду бөлүгүн карыя аркылуу бекеринен айттырган эмес:

«-Киришсе ким да болсо чеп тургузат,
Чеп ылай, каптап кирсе душман бузат.
Балдарың баары ушундай өсүп турса,
Багынтып бул жүрөктү ким коркутат?!

Черди жаз.Тепкин шапар.Кургун сайран.
«Чеп жок» деп, кайгы тартып кам санаба.
Кандай жоо басып кирип баш ийдирмек
Турганда мындай эне, мындай бала!..»

Демек, бул жерде каарман бала, айкөл эне биринчи планда даңазануу менен жоодон сактоочу чептен дагы Ата журтуна чексиз берилгендер жана элинин кызыкчылыгы үчүн жанын берүүдөн баш тартпагандар күчтүүлүк кылары белгиленип жатат.

1942-жылы жазылган А.Токтомушевдин «Бала аттуу кийинки басылыштарында «Орус баласы»делип жүргөн поэмасы да чеберчилик менен жазылган.

Согуш мезгилиндеги балдар поэзиясында тамсил жанрында жазылган чыгармалар да аябагандай көркөм маанилүү кызмат өтөгөн. Ж.Бөкөнбаевдин «Кулаалы»( 1941), «Сагызган сактыгынан өлбөй, суктугунан өлөт»(1943), А.Токомбаевдин «Бүркүт менен үкү»(1944)деген чыгармалары көркөм баалуу тамсил-ыр, тамсил-поэмалардын тобун түзгөн.

Кандуу согуштун кесепетинен балдар адабиятында жазуучулардын катары толукталбай, таланты күчтүү М. Элебаев, Ж.Турусбеков, К.Эсенкожоев, Ж.Ашубаев өңдүү жазуучулардан, акындардан ажырап, чоң жоготууга учурады. Согуш жылдары балдар адабияты жөнүндө, же айрым чыгармалар боюнча сөз кылып, сын маселесин козгогон бир дагы омоктуу макала жазылбады. Мына ушулардын бардыгы согуш мезгилиндеги кыргыз балдар адабиятынан орун алган орчундуу жетишпегендиктер эле.

**Райкан Шүкүрбеков**

Р. Шүкүрбековдун балдар адабиятынын тарыхынан алган орду 1950-жылдардан тартып көрүндү. Кыргыз балдар адабиятынын калыптана калган бул тарыхый чегинде ал чебердиги жагынан такшалган көркөм сөз өнөрүнүн кадик устаты катары таанылып, балдардын да сүймөнчүктүү жазуучусу болуп калды. Анын чыгармалары жанрдык жагынан кыйла ар түрдүү. Алар бөбөктөр менен жеткинчектердин, тестиер менен өспүрөмдөрдүн сезимтал көңүлүн козгогон, турмуш сырларын туюнткан лирикалык ырлар, адабий жомоктор, тамсилдер, пьеса жана аңгемелер.

Р. Шүкүрбеков балдардын психологиясын дурус билгендиктен түркүн түрмөк турмуш көрүнүштөрүн кичинекейлердин кабылдоо, туюнтуу, аңдоо сезимине жетимдүү асемдеп чечет, жеткилең талдап жалпылаштырып чагылдырат. Ошондуктан анын чыгармаларында ар кандай окуялар, мүнөздөр, образдар дайым динамикалуу аракетте, жандуу кыймылда жана жашоо күрөшүндө элестейт.

Адам жана жаратылыш бирдиги, адамдын өз айлана-чөйрөсүнө карата мамилесиндеги ыйманы, абийири Р. Шүкүрбековдун балдарга арнаган ырларынын көркөм-тарбиялык жугумдуулугун арттырып турат. Маселен, лирикалык каармандагы мүнөздүн өрнөгү  анын «Акылдуу кыз»деген ырында өзгөчөлөнөт. Жүргүнчүлөрдү ташыган поездди жол кырсыгынан сактап калып, баатырдык иш жасаган секелек кыздын башкаларга тарбиялык таалимин тийгизген башкы сапаты ошондой эрдик жасаганына мактанбай адам өмүрү үчүн керек болсо жанын аябай турган  жаштын жан-дүйнөсүнүн тунуктугунда.

Жаратылышты коргоо жана аны ыйык сактоо маселесине Р. Шүкүрбеков балдарга арнаган ырлары менен жалпы коомчулуктун назарын бурат. Айрыкча «Тоо эчки» аттуу чыгармасынын каарманы зээнди кейиткен тагдыры менен кимге болсун күчтүү таасир калтырат. Мергшенчинин таш боор ырайымсыздыгынан улам улагынан айрылып, желининен жаан болуп сүтү аккан байкуш кайберендин сыздаганы тек аянычтуу сезимди козгогон эмоционалдуулугу менен гана эмес, баарыдан мурда өзүнүн жашоо укугун адамзат баласынан талап кылгандыгы боюнча да бир бөтөнчө көркөм таасирдүү. Мына ошондуктан куу арчага башын сүйөп, мөлтүр жашы төгүлгөн бул кайберендин:

«Кетпймин, кең Ала-Тоо, качып сенден,
Жамандык кимиң көрдүң: кана, менден?
Колхоздон койчу сурап жалкыттымбы?
Мынчалык неге кегиң бар , айтчы, мерген?
Биз деле Ала-Тоонун малыбыз го,
Жайылып аскаларда күнүн көргөн,
Тоо эчки көбөйөбү, тоо ташынан,
Тентектер кырып турса тууган төлдөн»

-деген жүйөөлүү дооматы менен Р. Шүкүрбеков дале болсо жаратылышты коргоо проблемасы жөнгө салына электигин эскертет.

Жаратылыш менен адамдын бирдигин балдарга кичинесинен бекемдөө Р. Шүкүрбековдун ырларынын жалпы максаты. Анын «Көк терек»деген ырынын тарбиялык мааниси ошол үчүн жугумдуу. Адам менен жаратылыш дүйнөсүнүн эриш-аркак бирдиги жөнүндө акын: «Көчө бою көк терек. Көйкөлүп турган көп терек. Көлөкөсү чатырдай, Абасы жыттуу атырдай. Көк жашыл сонун көрк берет»- деп бир бүтүн эстетикалык коодукта балдардын кабылдоо сезимине жетимдүү түшүнүк калтырат.

Бычак менен саят деп,
Көк терек ыйлайт өпкөлөп.
Атын бакка жазганды,

Көчөдөн көзүм көп көрөт,-деп зээни кейийт. Кыскасы, демейде этибарга алынбас нерселерди Р. Шүкүрбеков минтип өзгөчө бөлүп көрсөтүп отуруп, кимди болсун өзүн курчап турган табийгат теребелге өтө мээримдүү, өтө этияттык менен камкордук кылууга алдыртан чакырып тарбиялайт.

Акындын «Кыргыз тоосунда»деген чыгармасы жерибиздин табигый байлыгын жандуу түрүндө көз алдыдан көркөм чубуртат.

Балдар адабиятында күлкөгө олуттуу маани бериле тургандыктан, Р.Шүкүрбеков бул маселеге абдан көңүл бурган. Ошондуктан күлкү анын чыгармаларында күчтүү курал катары ачык максатты көздөйт. Маселен «Тоок»аттуу ыры тамаша иретинде жылуу жылмаюуну чакырса, «Короз»аттуу ыры такмаза иретинде катуу келеке күлкүнү келтирет. Ал эми «Түлкү менен теке», «Карга»аттуу тамсил жомокторy баштан аяк мыскылдуу. Бул тамсилдери менен Р. Шүкүрбеков айлакер Түлкүнүн жоругун: «Түлкү болсо жолдошуң, билип кой иштин оңбосун», деп эскертсе, Карганы тирүүсүндө барктабай, өлгөндө мактап, дүйнөсүн талоонго алышкан-Сагызган, Кузгун, Жоруларды күйгүзө мыскылдап келип, анан соңунда: «Жаш балдар мындай иштен алыс болуп, Адамды тирүүсүндө сыйлап жүрөр»-деген абийир ыймандын таза болушун тилек кылат.

Р.Шүкүрбековдун балдарга арналган чыгармаларынын ичинен өтө белгилүүсү «Эки бөжөк». Бул пэма кичинекейлерге өрнөк болор, тажрыйба көрсөтөр окуу китеби болуп калды. Окуя кичинекейлер жактыра турган кейипкерлер: Эне коендун, анын балдары-эки бөжөктүн тегерегинде ушунчалык тыкан, динамикалуу жана ырааттуу өнүгөт. Ошондуктан булардын көрүнүшү да :

Адырлуу тоонун ары жагында,
Ала-Тоонун бери жагында.
Калың чийдин арасында,
Кең сары Чүйдүн талаасында,
Бир узун кулак коен болгон,
Коен тууган эки баласын коен бойдон.
Көйкөлгөн көктөм жазда

Тууп, көбөйүп жатты коендон да башка,-деп адегенде конкреттүүлүгү, реалдуулугу, эстетикалык сүйкүмдүүлүгү менен көңүлдү бурат.

Р.Шүкүрбеков кейипкерлердин тиричилиги аркылуу өмүр, тагдыр, жашоо-тиричиликтин мыйзам ченемин көркөм ишенимдүү чечмелейт. Ушундан улам өмүр чыйырынын тигил жакшынакай ажайып башталышы турмуштук эреже боюнча чиеленип, өзүнүн тийиштүү апогейине жетет. Тагын айтсак, эненин тиричилик дүйнөдөгү эң кымбаты бала экени өтө даана, өтө таасирдүү көркөм туюнтмалуу окуя менен ачылат (Коен-эне-жесе мени жесин деп, бөжөктөрүнөн оолактатып, карышкырдын алдына өзү түшүп кача бериши-дегеле энеде боло турган ыйык касиет).

Бул поэмада образдар айкын көрүнүп, балдарга турмуш тааныстар алардын тарбиялык таалими кыйла таасирдүү. Поэмадагы карөзгөй Карышкыр, амалкөй Түлкү, аңчы жана Бүркүт катышкан окуялар аркылуу жакшы деген эмне, жаман деген эмне экенин өздөрү аңдап, өздөрү тийиштүү корутунду чыгара алышат. Кичинекейлерге кыябын келтирип чоң турмуш сабагын берген андай көркөм туюнтма: «Тил алчаак болсоңор, ушинтип гүл чайнайсыңар. Тентек болсоңор, Түлкүнүн казанында кайнайсыңар»-деп жакшылык менен бүтөт.

Р.Шүкүрбековдун балдар үчүн жазган аңгемелеринин тематикалары да ар түркүн. Жазуучу айбанаттардын илгери- кийин угуп билбеген дүйнөсү тууралуу жаңы маалымат берет. Маселен, «Жолборс менен айгыр»деген аңгемесинде жазуучу Сыр-Дарыянын камыштуу жээгине бата албай, кыргыз тоосуна ооп келген Жолборстун үйүрлүү жылкыга кол салган кызыктуу окуясын баяндап, балдарга дагы бир каарман-Тору айгырдын образын жараткан. Аңгемеде Тору айгыр Жолборстон мерт болду, бирок ал өз үйүрүн, кулун-тайын аман сактап калды.

Р.Шүкүрбековдун «Мергенчинин аңгемеси»деген чыгармасында аюу балдары менен бүтүндөй өзү баштап тукум курут болуп калбасын үчүн айлакердик кылып, каманга чечкиндүү каршылык кылгандыгы менен жылуу сезим калтырат. Кыскасы, эки аңгеменин тигил, бул учурунда тең айбанаттардын ар кандай зордук-зомбулукка моюн сунбай турган ыйык да , адилеттүү да жашоо күрөшү бийик туу көтөрүлүүдө.

Ал эми «Иттин жомогунда»кеп-жолбун болуп жүргөн, жолдош таппай жүдөгөн иттин саякатын баяндап, ар айбанаттын жашоосу жөнүндө бир баштан кабарлаган сюжеттик мазмундун көп тармактуу, көп маалыматтуулугунда гана эмес, негизги маселе-адамдын керемети, улуулугу көркөм ачылгандыгында. Ошондуктан Р. Шүкүрбековдун бул аңгемеси иттин ит турмушунан арылуусуна башкалар эмес, адам гана аралжы болгонун баяндоо менен жашоо дүйнөнүн ээси- Адам экенин көрсөтөт.

Р.Шүкүрбеков элден алганын элдин өзүнө кайрадан асемдеп тартуулаган жазуучуларыбыздан. Туга анын «Толубай сынчы» аңгемеси далил. (Тактабыраак айтканда Р. Шүкүрбеков окуучулук кезинде аталаш тууганы Өмүраалы карыядан укканын кандай болсо ошондой окурмандарга тартуулаган эле. Ошондуктан Р. Шүкүрбековдун бул«Толубай сынчы» адабий жомогу элдик оозеки чыгармачылыктагы «Толубай сынчы» нын бир варианты болуп турат.) Мурдагы доордогу коомдук мамилелердин социалдык-таптык жагынан кескин бөлүнгөн ажырымы, карапайым элге көрсөткөн эзүүчүлөрдүн кысымы, кадыресе кишилердин талантынын ачылышына мүмкүнчүлүк бербеген. («Сенин тулпардын башы экениңди ким билет, менин Толубай сынчы экенимди ким билет»,-деп куу башты кучактап буркураган») учурлары жана жөнөкөй адамдык укугунан ажыратып кордогон заман Р.Шүкүрбековдун аңгемесинде кандын ордолуу бийлиги, карөзгөйлүк өкүмү аркылуу ашкереленет. Ал эми кейиштүү абалда калган Толубай сынчынын трагедиясы аркылуу калайык журттун өткөндөгү муң-зары сүрөттөлөт.

Р.Шүкүрбековдун аңгемелеринин ичинен «Салам кат»өз алдынча көркөм маанилүүлүгү менен өзгөчөлөнөт. Р.Шүкүрбеков өз чыгармасы лиро-романтикалык паанай менен жаралган, ал эң оболу балдарга көңүл каалап, жүрөк чапкан кесипти тандап алуусу үчүн көмөктөш боло турган тарбиялык мааниси менен баалуу.

Р.Шүкүрбековдун чыгармачылык жүзү балдар драматургиясында да көрүнөт. «Козу менен улак»аттуу үч көшөгөлүү пьесасында малчынын бир күнкү түйшүктүү окуясын сүрөттөө менен Р.Шүкүрбеков чабандын иши чыны чатак иш экенин жана адам гана бардыгын жөнгө салган турмуш ээси болуп эсептелерин көркөм элестер аркылуу балдарга туюнтат.

Р.Шүкүрбековдун балдарга арналган чыгармаларынын тарбиялык мааниси боюнча өзгөчө жугумдуу. Ырас, Р.Шүкүрбеков өмүрүнүн акыркы он жылында гана балдар адабиятына кайрылган. Ошондуктан жаш муундар анын жогорудагыдай дагы канча бир чыгармаларынан акыл, кеңеш угалбай, тарбия, таалим алалбай өксүп калышты. Бирок Р. Шүкүрбеков жалпы эле кыргыз адабиятынын тарыхында аттын кашкасындай таанылып, өзүнүн чыгармачылык мүмкүнчүлүгүн адабий жанрлардын бардык түрүндө көрсөткөн. Анын сатиралары, күйдүргү күлкүгө, куйкумдуу тамашага жык толгон интермедиялары, тамсилдери, комедиялары, прозалары, лирикалары Р. Шүкүрбековдун ар өнөрлүү жаркын талантынын күбөсү.

**Таяныч түшүнүктөр:**

Согуш мезгилиндеги кыргыз балдар прозасы,
кыргыз балдар поэзиясы согуш мезгилинде,
элдик оозеки чыгармачылыкты пайдалана билүү,
жомок-поэмалар,
тамсилдер ж.б.
Райкан Шүкүрбеков,
«Акылдуу кыз»,
«Көк терек»,
«Кыргыз тоосу»,
«Тоо эчки»,
«Тоок», «Короз»ырлары, «Эки бөжөк»поэмасы,
аңгемелери, тамсилдери ж.б у.с.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Согуш мезгилиндеги кыргыз балдар прозасына кайсы жазуучулар салмактуу салым кошушкан, алардын чыгармалары жөнүндө айткыла.

2. К.Баялиновдун «Ал эми жетим эмес»аңгемесинин тарбиялык мааниси эмнеде?

3. Т. Сыдыкбековдун согуш мезгилиндеги балдар прозасына кандай чыгармалары менен салым кошуту?

4. С. Сасыкбаевдин «Партизандын уулу
аңгемесинде кандай окуя сүрөттөлөт жана анын идеялык маанисин аныкта.

5. Согуш мезгилинде кыргыз балдар адабиятында кандай поэзиялык чыгармалар жарык көрдү алардын идеялык мааниси кандай?

6. Согуш мезгилиндеги тамсил жанрына кайсыл акын-жазуучулар кайрылышты?

7. Кыргыз балдар адабиятын өнүктүргөн кайсыл акын-жазуучулар фронтто курман болушту? ж.б.у.с.с

1. Р. Шүкүрбековдун кыргыз балдар адабиятына кошкон салымы кандай?

2. Анын лирикаларлык чыгармаларынан мисалдар келтирип, алардын тематикалары жөнүндө сүйлөгүлө.

4. «Эки бөжөк»аттуу поэмасынын идеясы эмне?

4. Анын аңгемелеринин тематикалык түрдүүлүгүн эмнеден көрөбүз?

5. «Козу менен улак»аттуу драмасынын тематикалык-идеялык багытын аныкта

**Адабияттар:**


1.“Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы”. М. Түлөгабылов Бишкек, “Мектеп”, 1991.

2.“Кыргыз адабияты” (8- класс үчүн) окуу китеби . Таштемиров Ж., Мусаев С. 1976- ж.

3.“Элдик акындар жана тарбия” Окуу – методикалык курал. А.Т. Калдыбаева, Б.К. /күева. Бишкек- 1995.

4“Бийик жердин балдары” К. Ташбаев. ОШ шаары – 1999ж.

5.“Ч. Айтматов жана этнопедогика” А. Муратов. Бишкек – 2000.


## Азыркы балдар адабияты (2 саат)

Негизги маселелер:

1. Кыргыз балдар адабиятынын азыркы учуру.
2. Кыргыз балдар поэзиясы
3. Кыргыз балдар прозасы. ж.б.ж.ж.

Кыргыз балдар адабиятынын азыркы учуруна алтымышынчы жылдан берки өсүш процесстери кирет. Бул аралыкта көркөм чыгармачылыкка көбүрөөк көңүл бөлүндү.1969-1972-1982-жылдарда атайын балдар адабияты жөнүндө, көркөм адабий сын жөнүндө, көркөм журналдардын коомдук турмуш менен тыгыз байланыштыгы жөнүндө токтомдору жана республикалык, бүткүлсоюздук жазуучулардын сьезддери жаш муундар тууралуу камкордук көрүүнүн эң маанилүү чаралары эле. Аларга негизделип кыргыз балдар адабияты ишкердүүлүк менен жогорку көркөмдүккө жетүүгө багыт алды жана жаңыча бурулуш жасоого туура келди. Анткени, биринчиден, балдар адабияты буга чейинки этаптарда профессионалдык жактан калыптанып, өсүп жетилген тарыхый бийиктигинде турган. Экинчиден, ушул учурдан тартып кыргыз балдар адабияты андан аркы жаңы өрүштө көрүнүшү керек болчу.Анда улуттук өз алдынчалык, улуттук нарк-насили менен бирге дүйнө балдарынын образы көрүнмөкчү. /үнчүдөн, кыргыз балдар адабияты сыноодон өтүп, чыны таланттуу делинген балдар чыгармалары өздөрүнүн сапаттык белгилери, көркөм-эстетикалык ажары менен эми көп улуттуу мамлекеттик балдардын майрамы болуп кала турган деңгээлге жетүүгө туура келди. Бул албетте, өзүнөн-өзү келүүчү нерсе эмес эле. Бул үчүн ириде жазуучулардын жазуучулук маданиятын көтөрүүсү, профессионалдык чеберчилигин өркүндөтүп туруусу жана карандай салтанаттуулуктан, шаңдуулуктан, курулай сыпаттай берүүчүлүктөн, дидактизмден, натурализмден, окуя куучулук сюжеттен арылуусу башкы зарылдык болчу.

Ошондон бери он миңдеген нуска менен жүздөгөн балдар китеби жарыкка чыкты. Мунун өзү балдар адабиятынын мурдагы этаптарына караганда кенен кулач жайып, тездик менен өнүгүү жолуна түшкөндүгүн ырастайт. Булардын ичинде канча таланттуу жазылган повесттер, аңгемелер, поэмалар, ырлар, адабий жомоктор балдардын купулуна толуп, жарпын жазды. Ал чыгармалар Ата Журтту сүйүүгө, достукка, интернационализмге , окууга, эмгектенүүгө тарбиялайт.

Кыргыз балдар поэзиясы. Азыркы балдар адабиятында бөбөктөр үчүн жазышкан акындардын катарлары кыйла кеңейди.

Т. Кожомбердиевдин «Көлчүктөгү ай», «Биз турган жер бийик тоо», «От өчпөгөн коломто», «Кызгылтым кеч», «Базарлык.» ж.б. жыйнактары балдардын колунан түшпөгөн китептер экени талашсыз. «Мекен Энем», «Белек»китептери менен өзүн көрсөткөн Абзий Кыдыров кийинки мезгилдерде «Баатырдын шапкеси», «Баатыр бала Карабай», «Ишеним», «Эки дос», «Мээрим», «Туулган күн», «Адыбай менен Кадыбай» ж.б. жыйнактарын тартуулады.

Балдарды достукка, эмгекке тарбиялоодо Исабек Исаковдун «Достук»поэмасы, «Айга учам», «Бала кыялы», «Күн менен сүйлөшүү», «Мекен мөмөлөрү», «Бардыгын билгиси келген бала»китептери менен азыркы балдар адабиятына салым кошту.

Кезинде М. Сейталиев «Кылымдарга саякат»деген фантастикалык поэмасын балдарга тартуулаган эле .Чыгарма чынында бир топ эргүү менен жазылган.

Азыркы кыргыз балдар поэзиясынын жүзү адабий жомоктор менен да ажайып жаркын көрүнөт. Алардын тарбия-таалим берүүчүлүк маңызы жана көркөм ой түрмөктөрү, идеялык-тематикалык мазмуну артылды.

Талanттуу акын Жолон Мамытов таза фантастикалык жомоктун , ошондо да сыйкырдуу баатырдык эпостун стилинде «Буурул таңдын жомогу» деген поэмасын жаратты. Анын бул адабий жомогун азыркы этаптын «Эр Төштүгү»десе да боло турган. Мында элдик кереметтүү жомок-эпостогудай бир укмуш таң каларлык көркөм элестер аркылуу адам баласынын дүйнө, турмуш, аалам жөнүндөгү көз караш, түшүнүктөрү берилет. Бул чыгарманын каарманы бала Чилтен канчалык баатыр, эр жүрөк, амал-айлалуу жана канчалык боорукер, айкөл болбосун өзүнүн душмандары-жин-пери Жалпактаманды да, суу шаасы Чортонду да , сансыз чөөлөрдү да кезинде адам баласынан жардам алган жолборстун, топ-жалындын кайра кайрым жардамдары болбосо баары бир жеңип чыга албайт болчу, душмандардан тазартып, жергесине тынчтыкты орното албайт болчу. Ж.Мамытов жакшылык эч качан жерде калбасын, жардамдаштык, биримдик улуу экенин көркөм чагылдырган. Табийгат, жаратылыш, жан-жаныбар, өсүмдүктөр, дарактар жана адам баласы бир бүтүн дүйнө экендигин көрсөтүүнү максат кылган. Кезегинде азыркы кыргыз балдар адабиятынын поэзиясын А.Токтомушев, Т. /мөталиев, М.Жангазиев, С.Эралиев, Т.Кожомбердиев, Т.Самудинов, Б.Асаналиев, К.Жунушев өңдүү акындарыбыз бир катар ырлар жыйнактары менен байытты. Азыркы кыргыз балдар поэзиясындагы бир топ ырлар башка тилдерге да которулуп, башка улуттун өкүлдөрүнө да белек болду.

Азыркы кыргыз балдар прозасы. Азыркы кыргыз балдар прозасында көркөм ачылыш Ч.Айтматов менен Ш. Бейшаналиевдин чыгармачылыгына байланыштуу. Ч.Айтматовдун атайын балдарга арналган чыгармалары «Атадан калган туяк», «Чыпалак бала»аңгемелери жана «Эрте келген турналар»повести. Анткени менен балдар бул жазуучунун бардык чыгармаларын өтө берилип окушат. Ал эми «Ак кеме»повестиндеги «Бугу эне» жөнүндөгү жомок, «Кылым карытар бир күн»романындагы «Дөнөнбай куш жөнүндөгү уламыш», «Кыямат»романындагы «Жетинчи киши»деген болумуш өз алдынча китеп болуп чыкты. Бул чыгармалардын жалпысы азыркы балдар прозасынын алдыңкы чеги болуу менен бирге, жалпы эле балдар адабиятынын өсүш процессине таасирин тийгизди.

Кыргыз балдар адабиятында элүүнчү жылдары эле талanттуу аңгемелери, повесттери менен белгилүү болуп калган Ш. Бейшеналиев азыркы кезде «Мүйүздүү

козу»повести менен балдар жазуучусу болуп таанылды. «Мүйүздүү козу»повести дүйнөлүк мыкты делинген балдар чыгармаларына берилүүчү Г.Х. Андресен атындагы эл аралык ардактуу дипломго жана республикадагы Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болгон. Ал башка чет эл тилдерине да которулуп чыгуу боюнча Ш.Бейшеналиевдин балдар чыгармалары Ч.Айтматовдун чыгармаларынан кийинки орунду ээлейт.

Ал эми Ч.Айтматовдун «Эрте келген турналар»повести азыркы балдар адабиятын көркөмдөп, көп улуттуу элдерибиздин балдар адабиятынын катарында жүзүн жаркын көрсөтүп тургандыгын ырастайт.

Ш.Садыбакасовдун «Сонун бала», «Күзгү», А.Кыдыровдун «Шоңур», И.Исаковдун «Жаш өмүрлөр»деген повесть, аңгемелер жыйнактары, Ж.Садыковдун «Азамат», «Эр Төштүк», «Ач көз жана боорукер», «Жаңыл Мырза», «Толубай сынчы», Ж. Мамытовдун «Түркүк эненин балдары»деген пьесалары жана М.Тойбаевдин бир актылуу пьесалар цикли, Б.Өмүралиевдин «Унутулгус күндөр», А.Көбөгөновдун «Ким элек ким болдук», К.Бектеновдун «Өмүр жолу», М.Жангазиевдин «Сыйкырчы кыз»пьесалары балдарды кубандырбай койбойт.

Кыргыз балдар адабиятынын фондусу котормо чыгармалар менен да толукталды. Азыркы кезде кыргыз балдары дүйнө элдеринин жомоктору менен бирге жана башка жанрлардагы чыгармаларын өз эне тилдеринде окуй алышат.

Кыргыз балдар адабияты ушул азыркы мезгилинде терең изилдөөгө алынган. Азыркы балдар адабиятынын өр таянып, жаңы чыгармачыл өрүш алышына жазуучулардын сьезддери жана балдар адабияты боюнча зоналдык,республикалык кеңешмелер да олуттуу өбөлгө болушту.

**Таяныч түшүнүктөр:**

Азыркы балдар адабияты,
поэзиясы,
прозасы,
котормолору ж.б. ж

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Азыркы кыргыз балдар адабиятынын көркөм ачылышы кайсыл жазуучуларыбызга байланыштуу?

2.Алардын кандай чыгармаларын билесиңер?

3. Бул чыгармалар эмнеси менен кыргыз балдардын сүймөнчүлүгүнө татыган?

4. Кыргыз балдар адабиятына таандык азыркы жаңы чыгармаларды окугула. Аларды талдоого аракеттенгиле.

**Адабияттар:**

1.“Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы”. М. Түлөгабылов Бишкек, “Мектеп”, 1991.

2.“Кыргыз адабияты” (8- класс үчүн) окуу китеби . Таштемиров Ж., Мусаев С. 1976- ж.

3.“Элдик акындар жана тарбия” Окуу – методикалык курал. А.Т. Калдыбаева, Б.К. /күева. Бишкек- 1995.

4“Бийик жердин балдары” К. Ташбаев. ОШ шаары – 1999ж.

5.“Ч. Айтматов жана этнопедогика” А. Муратов. Бишкек – 2000.